*Муниципалитет –*
*бул аймактын,*
*ал жерде жашаган калктын*
*жана ЖӨБ органдарынын*
*үчилтиги*

**ЯНВАРЬ 2021-ж., № 1 (111) чыгарылышы**

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ

**Негиздөөчү жана басып чыгаруучу:**
**Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)**

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы:
Надежда Добрецова
Аткаруучу редактор:
Нургүл Жаманкулова
Кыргыз тилиндеги:
котормонун редактору:
Нургүл Жаманкулова
Дизайн жана жасалгалоо:
Адил Абдраимов
Кыргыз тилине которгон:
Зейнеп Алтымышова

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.**

Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:
почта – Кыргыз Республикасы,
720001, Бишкек ш.,
Шевченко көч., 114,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет» журналынын редакциясы;
электрондук – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com
Телефондор: (0312) 97-65-30
(31, 32, 33, 34)
Факс: (0312) 97-65-29
Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.
**ISBN 1694-7053**

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

**ЖӨБДҮН ФИНАНСЫСЫ**
Пандемия шартында бюджет боюнча угуулар өткөрүлүп жатат. Бирок жаңы онлайн аспаптар да керек. Заман талабына жооп берүү максатында ЭУЖӨБОЖ Долбоору www.gb.minfin.kg web-тиркемесин модернизациялап жатат ..... 2

**МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ**
Муниципалдык кызматчыларды окутуунун ведомстволук багыты ..... 7

**МОСКВА РАЙОНУНУН ПОРТРЕТИ**
Ак-Суу АА. Тоо боюндагы муниципалитеттин COVID-19 менен ийгиликтүү күрөшү ..... 11
Александровка АА. Жамааттын коомдук мониторинги ЖӨБ органынын аброюн коргоп жатат ..... 14
Беловодск АА. Эсептен чыгарылган светофорлор жолдордогу коопсуздук маселесин үнөмдүү чечүүгө жардам берип жатат ..... 17
Беш-Терек АА. Окуучулар үчүн татыктуу санитардык шарттар түзүлүп, ысык тамак менен камсыз болушту ..... 18
Биринчи Май АА. Натыйжалуу көчө жарыгы: ЖӨБ органдары менен жашоочулар ортосундагы жоопкерчилик бөлүштүрүлдү ..... 21
Петровка АА. Ирригациялык системага капиталдык ремонт жасалгандан кийин дыйкандардын түшүмү 30 пайызга көбөйдү ..... 23
Предтеченка АА. Согуштун каармандары, Баткен окуясынын катышуучусунун элесине арналган футбол таймашы ..... 25
Садовое АА. Жону жука 68 үй-бүлө үчүн социалдык шаарча курулду ..... 27
Сретенка АА. Көз коркок, кол баатыр: ЖӨБдүн жана жамааттын күчү менен имарат кантип бала бакчага айланды? ..... 29
Төлөк АА. Төлөк айылынын аялдары бала бакчаны оңдото алышты ..... 32
Целина АА. Эпидемиядан коргонуу – бул сергек жашоо, бири-бирине кол сунуу жана айылда жакшы ФАПтын болушу ..... 33
Чапаев АА. Элеттиктердин үйүнө таза суу келди ..... 35

# ПАНДЕМИЯ ШАРТЫНДА БЮДЖЕТ БОЮНЧА УГУУЛАР ӨТКӨРҮЛҮП ЖАТАТ. БИРОК ЖАҢЫ ОНЛАЙН АСПАПТАР ДА КЕРЕК. ЗАМАН ТАЛАБЫНА ЖООП БЕРҮҮ МАКСАТЫНДА ЭУЖӨБОЖ ДОЛБООРУ www.gb.minfin.kg WEB-ТИРКЕМЕСИН МОДЕРНИЗАЦИЯЛАП ЖАТАТ

*Азамат МАМЫТОВ, ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун адиси*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси 2017-жылдын январь айында күчүнө кирген. Ошондон баштап ЖӨБ органдары жыл сайын коомдук бюджеттик угууларды өткөрүп турууга тийиш болчу. Коомдук бюджеттик угууларды өткөрүү жана жарандык бюджетти түзүү – бул Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарында жазылган талап. Ал эми угууларга катышып, пикирин билдирип, сунуштарды берүү – бул Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын конституциялык укугу. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 126-127-беренелерине ылайык, ЖӨБ органдары бюджеттик угуулардын уюштуруучулары жана жарандык бюджет үчүн жооптуу болуп саналышат. Коомдук бюджеттик угуулардын жана жарандык бюджеттин негизги максаты – бул элди жергиликтүү бюджеттин долбоору тууралуу кабардар кылуу, жарандардан пикирлерди жана сунуштарды чогултуу. Коомдук угуулар жылына эки жолу өткөрүлүп турат: кийинки жылга бюджеттин долбоору боюнча жана жергиликтүү бюджеттин өткөн жыл үчүн аткарылышы тууралуу отчет боюнча өткөрүлөт.

КР Бюджеттик кодекси күчүнө кирген учурдан




ӨСИ архивинен, 2019-ж.

бери бюджеттик угууларды өткөргөн ЖӨБ органдарынын географиясы улам кеңейип турду. Айталы, 2019-жылы 300дөн ашык ЖӨБ органы 2020-жылга карата жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча коомдук угууларды өткөрүшкөн.

2020-жылы ар бир жарандын жашоосунда, ар бир ЖӨБ органынын ишинде көп нерселер өзгөрдү. Пандемияга байланыштуу ЖӨБ органдарынын коомдук иш-чараларды уюштуруу укугу чектелүү болуп калды. Ал эми коомдук угуулар дал ушундай иш-чаралардын катарына кирет эмеспи. Мунун натыйжасында 2021-жылга бюджеттин долбоору боюнча коомдук угууларды ЖӨБ органдарынын 10 пайызга жакыны гана өткөргөнүн тастыктаган.

Бул маалыматты "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) 2020-жылдын 1-декабрынан 17-декабрына чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун алкагында алды. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттиги (мындан ары – SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана

*1-диаграмма. "Сиздин ААда жергиликтүү бюджетти талкуулоо боюнча коомдук угуулар өткөрүлүп турабы"?*





Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырат. Сурамжылоого шаар мэрлери/айыл өкмөт башчылары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, ошондой эле республика боюнча айыл өкмөттөрдүн финансы-экономикалык бөлүм башчылары катышты. Сурамжылоого катышкан респонденттердин жалпы саны – 604 болду, анын ичинде 140 аял бар. Коомдук бюджеттик

*2-диаграмма. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү үчүн угуулардын жыйынтыктары: алар эмнеси менен пайдалуу болду деп эсептешет?*




*3-диаграмма. Угууларга канааттанбай калуунун себептери*



угууларды өткөрүүдө практикалык адистер кандай негизги кыйынчылыктарды жана оң жагын көрүп жатканы тууралуу ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн пикирин изилдөө сурамжылоонун негизги максаты болду.

Сурамжылоого катышкан ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү – 92% - шаарда же айылдык аймакта коомдук бюджеттик угууларды өткөрүүн тастыкташты. ЖӨБ органдарынын жетекчилери жана кызматкерлери үчүн коомдук угууларды өткөрүү, биринчи кезекте, мыйзамдын талаптарын аткаруу менен маанилүү – респонденттердин 40 пайыздан ашыгы ушундай ойдо. Жергиликтүү бийликтин өкүлдөрүнүн төрттөн бири угуулар – бул калк менен маанилүү маселелерди талкуулап алуу мүмкүнчүлүгү деп эсептешет. Ал эми ЖӨБдүн ар бир онунчу кызматкери өзү үчүн пайдалуу маалымат алышкан. Бул маалымат бюджеттин долбоорун кийин жергиликтүү кеңештин депутаттары менен талкуулаганда керек болот.

Өзүнүн тажрыйбасына ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн жарымынан көбү ыраазы. “Бюджеттин долбоору боюнча өткөн угууларга канааттандыңызбы?” деген суроого сурамжылоого катышкан респонденттердин 55% “толугу менен канааттандым” деп, 39% “жарым-жартылай канааттандым” деп жооп беришкен.

Бирок ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн 8 пайызы “канааттанган жокмун” деп жооп берген. Буга эмне себеп болду? Калк менен бюджетти талкуулоого ЖӨБ органдарына эмнелер тоскоол болууда? Сурамжылоо көрсөткөндөй, респонденттердин үчтөн бири коомдук иш-чарага адамдарды чогултканда кыйналышат. Респонденттердин 13% жашоочулар бюджетти түшүнбөйт деп эсептешет. Дагы 13% “жарандар өтө көп суроо узатышат” деп жооп беришкен. Ал эми төрттөн бири угуулардын жыйынтыгына эмне үчүн канааттанбай калган себебин түшүндүрүп бере алышкан эмес.

Ушундай эле сурамжылоо ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү арасында гана эмес, ошондой эле 25 коммерциялык эмес уюмдун (мындан ары – КЭУ) ичинде да жүргүзүлгөн. Кызыгы, КЭУнун ар бир төртүнчү (25%) өкүлү адамдар аз катышканы үчүн угууларга канааттанбаганын айтышкан. Ал эми адамдардын саны дайыма дискуссиялардын сапатына жана жыйынтыгына таасирин тийгизет.

ЖӨБ органдары элде кызыгуунун жоктугун бюджеттик маалыматты ачуу, жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын калк менен талкуулап алуу боюнча ишиндеги негизги тоскоолдук катары баалашат. Айталы, “Эмне үчүн угуулар өткөрүлбөйт?” деген суроого ЖӨБ органынын ар бир үчүнчү өкүлү “жашоочулар кызыкпайт” деп жооп беришкен. Бул жерде көңүлдү бир нерсеге буруш керек: ар бир жаран бюджеттик көрсөткүчтөрдү талкуулоого кызыгуусун билдирет деп күтпөш керек. ЖӨБ органдарынын милдети – мүмкүн болушунча көп адамдарды чогултуу эмес, буга чындап кызыккан адамдар менен бюджетти талкуулап алуу. Атүгүл, эгерде муниципалитетте баары жолго салынып, маселенин баары чечилсе, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жакшы болсо, анда адамдарда бюджетти талкуулоого жүйөсү деле болбойт. Мындай учурда “Угууларга канчалык көп адам келди?” деген суроо эмес, “ЖӨБ органдары бюджетти талкуулоого канчалык мүмкүнчүлүк берди?” деген суроо принципиалдуу болуп турат. Бирок Кыргыз Республикасынын муниципалитеттери, өзгөчө элеттик муниципалитеттер жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу чечиши керек болгон көйгөйлөргө туш болбой кала тургандай кырдаалга жеткенче дагы көп бар. Ошол себептен ушул тапта жана жакынкы келечекте катышуучулардын саны тууралуу маселе актуалдуу бойдон кала бермекчи. Себеби көйгөйлөр тууралуу пикирин айткысы келгендер өтө көп, бирок алар угууларга келбей жатса, анда ЖӨБ органы угуулардын сапаты жана алар тууралуу кабар берүү ишин уюштуруу жөнүндө ойлонуп көрүүгө тийиш.

Адамдарга бюджетти талкуулоо мүмкүнчүлүгү тууралуу кабар жетпей калганы – угууларга катышкандардын санынын азайышынын өтө


*4-диаграмма. Угуулардын өтпөй калышынын себептери*




маанилүү фактору болуп саналат. Жакшы өткөрүлгөн маалымат өнөктүгү жана бюджет тууралуу түшүнүктүү маалымат – жашоочуларды угууларга катышууга кызыктыруунун реалдуу мүмкүнчүлүгү. Мына ушинтип сурамжылоого катышкан КЭУ өкүлдөрүнүн көбү – 88% жооп берген. ЖӨБ органдарына мүмкүн болушунча кеңири маалымат өнөктүгүн өткөрүүгө, бюджеттик маалыматты татаал эмес түрүндө, инфографикаларды колдонуп жеткирүүгө жардам бере турган аспаптардын бири – Жарандык бюджет.

Жарандык бюджет – бул элге түшүнүктүү тилде даярдалган бюджеттик маалымат. Жарандык бюджет жарандарга шаардын же айылдык аймактын бюджетин башка бирөөнүн жардамысыз эле түшүнүүгө шарт түзөт. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 126-беренесине ылайык, шаарлардын мэриялары жана айыл өкмөттөр жергиликтүү бюджет боюнча жарандык бюджетти жыл сайын даярдоого тийиш. Республика боюнча жарандык бюджеттин бирдиктүү форматын жайылтуу максатында, ошондой эле мэриялардын жана

*5-диаграмма. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн www.gb.minfin.kg веб-тиркемеси тууралуу маалымдуулугунун деңгээли*




*6-диаграмма. Жарандык бюджетти www.gb.minfin.kg веб-тиркемеси аркылуу түзгөн ЖӨБ органдарынын үлүшү*




айыл өкмөттөрүнүн финансы кызматкерлеринин ишин жеңилдетүү үчүн жарандык бюджетти түзүү боюнча веб-тиркеме иштелип чыккан. Бул тиркеме КР Финансы министрлиги менен чогуу ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында даярдалды. Бул тиркеменин жардамы менен ЖӨБ органдары кыска убакыттын ичинде өзүнүн жарандык бюджетин түзө алышат. Бул тиркеме КР Финансы министрлигинин сайтына жүктөлгөн. Шилтемеси: www.gb.minfin.kg

Тиркеме эки жылдан бери иштеп жатканына карабастан, азырынча респонденттердин 60 пайызга жакыны гана мындай мүмкүнчүлүк тууралуу кабардар болгонун айтышкан. Бирок 36% тиркемени колдонуп жатканын тастыкташты.

Эпидемиологиялык коркунуч маалында коомдук иш-чараларды уюштурууга чектөөлөр киргизилген шартта бул тиркемени колдонуу өзгөчө актуалдуу болуп турат. Каалаган муниципалитеттин бюджетинин долбоору тууралуу маалыматка жеткиликтүүлүк ачык жана ар бир жашоочу үчүн жөнөкөй. Сайтта кадимки эле бюджеттик маалыматты толтуруп, айылдагы жашоочуларга кыска билдирүү жөнөтүп, шилтемени басып, маалымат менен таанышууга чакырып, ЖӨБ органы мыйзамдардын талаптарын да аткарат, ошону менен бирге жашоочулардын кеңири чөйрөсүнө бюджетти түшүнүктүү формада жеткирип берет.

Практиктер – бир катар айыл өкмөттөрдүн финансы-экономикалык бөлүмдөрүнүн жетекчилери жана кызматкерлери тиркеме тууралуу оң пикирин айтышууда. Маалыматты толтуруу оңой, жыйынтык тез убакытта алынат, маалымат жашоочулардын көбүнө жетет – булар тиркеменин негизги артыкчылыктары.

Талкуунун жыйынтыгы боюнча жана тажрыйбага анализ жасоо менен ЭҮЖӨБОЖ Долбоору тиркемени дагы да жакшыртуунун үстүнөн иштеп жатат. Муну менен ар бир ЖӨБ органы жергиликтүү бюджеттин чыгашалары тууралуу дагы көбүрөөк маанилүү деталдарды бере алат. Мисалы, кайсы көчөдө жарык оңдоло турганын кабарлай алышат. Атүгүл ЖӨБ органдарына тиркемени бюджеттердин долбоорлору боюнча коомдук угуулардын альтернативасы катары колдонууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн бул тиркемени модернизациялоо сунушталып жатат.

Жаңыланган ресурстун бет ачары 2022-жылдын жергиликтүү бюджеттеринин долбоорлорун коомдук талкууга даярдай баштаганга ЧЕЙИН өтөт.

Бет ачар жана талкуу ЖӨБдүн Мыкты практикалар порталында өтөт: www.myktyaimak.gov.kg

М

# МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫ ОКУТУУНУН ВЕДОМСТВОЛУК БАГЫТЫ

*Нурдин КУМУШБЕКОВ, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси*

Жарандардын муниципалитеттердеги жашоосу көп учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан көз каранды болот. Өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мындан ары – ЖӨБ органдары) ишинин натыйжалуулугу көп учурда анда иштеген муниципалдык кызматчылардын дараметинен, кесипкөйлүгүнөн көз каранды. Бул муниципалдык кызматчылар үзгүлтүксүз түрдө окууга жана квалификациясын жогорулатууга муктаж.

Окуу эки багыт боюнча өткөрүлөт[1]. Жалпы багыты – бул кызматкерлерди ишинин чөйрөсүнө карабастан, мамлекеттик кызматтын жана муниципалдык кызматтын тиешелүү кызмат орундарынын же кызмат орундарынын топторунун жалпы стандарттык квалификациялык талаптарын аткарууга туруктуу негизде окутуу. Ведомстволук (тармактык) багыт – кызматчылар мамлекеттик органдын жана ЖӨБ органынын муктаждыктарынын негизинде атайын ведомстволук квалификациялык талаптарды аткаруусуүчүнокутуу.Жөнөкөйсөзмененайтканда, "стандарттык" билимге окутуу бар, бул билимдин болушун мыйзамдар бардык мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерден талап кылат. Ошондой эле конкреттүү бир орган же органдар тобу үчүн, биз сөз кылып жаткан учурда ЖӨБ органдары гана талап кылынган "тар" билим жана көндүмдөр бар.

Муниципалдык кызматчыларды окутуунун жалпы багытына ("стандарттык" билимге) токтоло турган болсок, бул жерде бардыгы так жана туруктуу

Окуу процессин жалпы багытта уюштурууну бирдиктүү заказчы катары КР Мамлекеттик кадр кызматы (мындан ары – КР МКК) жүзөгө ашырат. МКК муну мамлекеттик заказды (мындан ары –

[1] Административдик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды окутуу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-августундагы №462 токтому менен бекитилген Жобо (мындан ары – Жобо) менен жөнгө салынат. Муниципалдык кызматчыларды окутуунун негизги түрлөрү – бул кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы (мындан ары – КР МКК), мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары, окутууга болгон муктаждыктарды аныктоонун, пландаштыруунун жана божомолдоонун тартибин аныктайт, кызматчыларды окутуу маселелерин координациялайт, мамлекеттик окутуу программаларына мамлекеттик заказдарды түзөт жана жайгаштырат.



Мамзаказ) түзүү жана аткарылышын контролдоо жолу менен ишке ашырып келет. Мамзаказ – бул мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды мамлекеттик бюджетте ушул максаттарга каралган каражаттардын чегинде бир календардык жылга жалпы багыт боюнча окутуу планы. Мамзаказды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитет. Мамзаказ Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы тарабынан ишке ашырылууда. Ошол эле учурда Мамзаказды ишке ашыруу инфляцияны эске алуу менен окутуунун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген нарк ченемдеринин негизинде мамлекеттик бюджеттен каржыланат ("Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 16-бөлүгү).

Муниципалдык кызматчыларды окутуунун ведомстволук багытына байланыштуу суроолор көп (ЖӨБ органдарына гана керек болгон "тар" билим) ...

Ведомстволук багыттын милдеттери: өз функцияларын, программаларын жана долбоорлорун натыйжалуу аткаруу үчүн ЖӨБ органынын кадрдык потенциалын жогорулатуу; кызматтык милдеттерин натыйжалуу аткаруу үчүн кызматчылардын кесипкөйлүгүн өкүктүрүү. ЖӨБ органы ведомстволук багытта окутуу кандай тартипте өткөрүлө турганын өз алдынча аныктап алышы керек.

Алгач, үстүртөн караганда, бардыгы эске алынгандай көрүнөт. Ченемдик укуктук актылар ведомстволук окутууну уюштуруу үчүн бардык жоопкерчиликти ЖӨБ органдарынын өздөрүнө жүктөп коюшат. Ошол эле маалда ведомстволук багыттын этаптары булар: муктаждыктарды баалоо; ведомстволук заказды түзүү жана бекитүү; ведомстволук заказды жайгаштыруу; окутуу жүргүзүү; окутууну контролдоо, мониторинг жана баалоо жүргүзүү; окутуунун натыйжалары жөнүндө отчет. Жооптуу адам аныкталды: мэриянын аппарат жетекчиси, айыл өкмөттүн жооптуу катчысы ведомстволук багытты уюштуруу процессине жооптуу болушат, ведомстволук заказдын долбоорун түзүшөт жана ЖӨБ органынын жетекчисине бекитүү үчүн жөнөтүшөт. Финансылык маселе формалдуу түрдө чечилген: окутуу муктаждыктарына ылайык, ЖӨБ органдары финансы каражаттарын бюджеттик классификациясында өзүнчө корголгон сап менен ЖӨБ органынын бюджетинин кеминде 1% өлчөмүндө бөлүп берүүгө укуктуу. ("Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 18-бөлүгү). Мындан тышкары ЖӨБ органдары ведомстволук багыт боюнча: окутуу процессине мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, кызматчылардын окутуунун натыйжалуулугун баалайт, жыл сайын КР МККга окутуу жөнүндө отчет берип турушат. Кызмат көрсөтүүчүлөр бар: кошумча кесиптик билим берүү боюнча мындай ишмердүүлүккө лицензиясы бар билим берүү уюмдары окутуу жүргүзүүгө укуктуу. Мындай уюмдарды тандап алуунун жол-жоболору мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарда каралган.

> ЖӨБ органдарына окутууну уюштуруу укугун ЖӨБ Союзуна өткөрүп берүү сунушталууда. Анткени ар бир ЖӨБ органына өзүнүн муниципалдык кызматчылары үчүн окутууну өзүнчө уюштуруу кыйын жана натыйжасыз болот.

Ошентип, ведомстволук окутууну уюштуруу үчүн негизи эле бардык шарттар түзүлгөндөй элес калат. Бирок иш жүзүндө ЖӨБ органдары муниципалдык кызматчыларын ведомстволук окутуунун алкагында дээрлик окутпайт. Биринчиден, ЖӨБ органдары, айрыкча элеттик органдар процесстин бардык этаптарын сапаттуу аткаруу үчүн билимге, көндүмгө жана ресурстарга ээ эмес. Экинчиден, айыл өкмөтүнүн бир же эки кызматкерин окутуу абдан кымбатка түшөт. Үчүнчүдөн, муниципалитеттердин мүмкүнчүлүктөрү бири-биринен такыр айырмаланат – шаарлар жана "бардар" аймактар окутууну уюштура алышат. Бирок ушундай окутуу зарыл болгонун алар кеңешке далилдеп бериши керек. Ошондо суроо туулат – ЖӨБ органдары муниципалдык кызматчыларды ведомстволук багытта окутууну өз алдынча уюштура алабы?

2020-жылдын декабрында жана 2021-жылдын январь айында ЭҮЖӨБОЖ Долбоору КР МККнын жана ЖӨБ Союзунун колдоосу менен муниципалдык кызматчыларды окутуунун натыйжалуу системасын түзүү жөнүндө маалымат алуу максатында Кыргыз Республикасындагы ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилерине (айыл өкмөт башчылары жана шаарлардын

мэрлери) анкета толтуртуп чыккан. Сурамжылоого 484 ЖӨБ органынын ичинен 196 ЖӨБ органы – үчтөн бири катышкан. Ошондуктан жоопторду репрезентативдүү деп эсептесе болот, башкача айтканда, чыныгы көрүнүштү, ЖӨБ органдарынын сунушталып жаткан өзгөртүүлөргө болгон чыныгы мамилесин чагылдырат. Изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, ЖӨБ органдарынын көпчүлүгү муниципалдык кызматчылар үчүн ведомстволук окутууну өз алдынча уюштура албай турганын моюнуна алышкан:

- көпчүлүк ЖӨБ органдары – 60 пайыздан ашыгы өз кызматкерлерин ведомстволук багытта окутушпайт;
- ЖӨБ органдарынын жарымынан көбү – 51% ведомстволук окутууну каржылоо үчүн жергиликтүү бюджетте акча бөлүшөт;
- муниципалитеттердин дээрлик жарымы – 46% ведомстволук багыттагы окутуу муктаждыктарын өз алдынча уюштуруп, баалоо жүргүзө албай турганын айтышкан;
- муниципалитеттердин туура жарымы ведомстволук багыт боюнча окутуу планын өз алдынча түзө алышпайт;
- муниципалитеттердин жарымынан көбү – дээрлик 57% ведомстволук заказды өз алдынча түзүп, бекитип, жайгаштыра алышпайт;
- муниципалитеттердин дээрлик 60% ведомстволук окутууну өз алдынча жүргүзө алышпайт;
- муниципалитеттердин жарымынан көбү – 53,1% ведомстволук окутуу боюнча мониторинг жана баалоого өз алдынча көзөмөл жүргүзө алышпайт.

Практика көрсөткөндөй, ЖӨБ органдары муну өз алдынча жасай алышпаса, анда жалгыз такыр ишке ашыра алышпайт. Мындан улам муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын мындан ары да өркүндөтүү зарылчылыгы бар.

“Муниципалитет” журналынын 2020-жылдын ноябрь айындагы санында Муниципалдык кызматчылардын жана жергиликтүү кеңештин депутаттарынын квалификациясын жогорулатуу жана потенциалын бекемдөө системасын мындан ары өнүктүрүү боюнча көз караштын кыскача баяндамасы келтирилген. Ошондой эле Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты тажрыйбалар порталы тууралуу да маалымат берилген. Ушул Көз караште сунуш кылынган негизги өзгөрүүлөр дал ушул муниципалдык кызматчыларды окутуунун ведомстволук багытына байланыштуу болуп турат. Анда бул жерде так эмнени өзгөртүү сунушталат?

ЖӨБ органдарына окутууну уюштуруу укугун ЖӨБ Союзуна өткөрүп берүү сунушталууда. Анткени ар бир ЖӨБ органына өзүнүн муниципалдык кызматчылары үчүн окутууну өзүнчө уюштуруу кыйын жана натыйжасыз болот. Ошол эле учурда, ЖӨБ органдары ведомстволук багыттарды каржылоо үчүн жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын бир бөлүгүн ЖӨБ Союзуна өткөрүп беришет. ЖӨБ Союзу өзүнүн ыйгарым укуктарын жана бул үчүн зарыл болгон каражатты өткөрүп берген бардык ЖӨБ органдары үчүн ведомстволук багыттагы бардык маселелер менен алектенет. Окутуу кызмат көрсөтүүлөрү ЖӨБ Союзу тарабынан ЖӨБдү Өнүктүрүү борбору аркылуу жүзөгө ашырылат[1].

Сурамжылоо көрсөткөндөй, органдар жалпысынан бул өзгөрүүлөрдү колдойт:

- муниципалитеттердин басымдуу көпчүлүгү – дээрлик 92% муниципалдык кызматчыларды ведомстволук окутууну уюштуруу ишин КР ЖӨБ Союзуна өткөрүп берүүгө макул;
- үч муниципалитеттин экөө муниципалдык кызматчыларына ведомстволук окутууну уюштургандыгы үчүн КР ЖӨБ Союзуна акы төлөөгө даяр.

Ошентип, изилдөөнүн натыйжалары КР ЖӨБ Союзунун катышуусу менен муниципалдык кызматчыларды окутуунун ведомстволук багытын уюштуруу боюнча ЭУЖӨБОЖ Долбоору сунуш кылган модель жүйөлүү жана туура болгонун тастыктап турат.

Учурда ЭУЖӨБОЖ Долбоору муниципалдык кызматчыларды ведомстволук окутуу системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды жигердүү талкуулап жатат. Ошондой эле ЖӨБ органдарынын муниципалдык кызматчыларды ведомстволук окутуу боюнча ыйгарым укуктарын жана бул үчүн зарыл болгон каражатты КР ЖӨБ Союзуна өткөрүп берүү укугун камсыз кылган ведомстволук багыттын жаңы моделин кабыл алуу жана ишке ашыруу боюнча уюштуруу-укуктук маселелердин үстүндө иштеп жатат.

ЖӨБдүн Мыкты практикалар порталы да системанын маанилүү элементи болуп калышы керек: www.myktyaimak.gov.kg

M

[1] Бул өзгөртүүлөр мамлекеттик органдардын, ЖӨБ органдарынын, КЭУ өкүлдөрүнүн, өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, эксперттердин катышуусу менен улуттук деңгээлде өткөн тегерек столдордо, ошондой эле Долбоор МКК менен биргеликте Чүй облусунун ЖӨБ аткаруу органдарынын жетекчилери (айыл өкмөт башчылары жана шаарлардын мэрлери) үчүн өткөргөн семинарларда талкууланган.

# МОСКВА РАЙОНУНУН ПОРТРЕТИ

*Түрмөктү ЖӨБдүн Мыкты практикалар порталынын www.myktyaimak.gov.kg администратору Гуляим ШАМШИДИНОВА жана ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун адиси Элина САККАРАЕВА даярдашты*

*Материалдарды жайгаштыруу маселелери боюнча электрондук почтага кат жазыңыз: portal.msu@dpi.kg жана телефон чалыңыз: +996 770 771-130.*

*“Муниципалитет” журналы “Райондун портрети” деп аталган жаңы түрмөктү баштады. Кыргызстан – чакан, бирок өтө көп түрдүү өлкө. 40 район 40 бир туугандай жалпы мүнөзгө ээ. Бул мүнөз аларды бир мамлекеттин алдында кармап турат. Ошол эле маалда ар бири өзүнө таандык, уникалдуу өзгөчөлүктөргө ээ, ар биринин өз тагдыры бар. Районду кандайдыр бир географиялык бирдик катары сүрөттөп, анын табиятын, ресурстарын, ишканаларын, маданиятын жана басып өткөн жолун, тарыхын сүрөттөп берсе болот. Ошол эле учурда райондун портретин башка бир боёкторду кошуп тартып берсе да болот. Айталы, райондун өзөгү болгон элеттик муниципалитеттердин ийгиликтерин жана жетишкендиктерин баяндай алабыз. Бул аймактарда “Муниципалитет” журналынын башкы каармандары – жергиликтүү жашоочулар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айылдардагы турмуш шартын оңдоонун үстүнөн тынбай иштеп, жашоосун улантышууда.*

*Журнал жаңы түрмөктү Чүй облусундагы Москва районунун портретинен баштайт. Биз окурмандарыбызды райондун жашоочулары жана ЖӨБ органдарынын ийгиликтери менен жакындан таанышуу үчүн анын аймактарына сапар алууга чакырабыз. Бирок адегенде бир нече муниципалитетти бириктирип турган Москва району кандай өзгөчө мүнөзгө ээ болгонун билип алганыбыз оң. Бул суроону журнал Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы Москва районунун мамлекеттик администрация башчысы – акими Мирлан КАРАГУЛОВго узатты.*



**– Москва району башкалардан эмнеси менен айырмаланат?**

– Москва району – бул Кыргызстандагы эң эле көп улуттуу райондордун бири. 12 айылдык аймакта 28 айыл орун алган, бул жерде жашагандардын 55% кыргыздар, ал эми калган 45 пайызы – бул 20дан ашык этностун өкүлдөрү. Чүй облусунун башка райондоруна салыштырмалуу Москва районунун аймагы чакан, мында калктуу конуштар бири-бирине жакын аралыкта, борбордук жолдун боюнда өтө компакттуу жайгашкан. Бул болсо өз ара тыгыз жана ыкчам коммуникация түзүүгө жардам берүүдө. Эмгекке жарамдуу калктын 70% айыл чарбасы менен алектенет, 20% өнөр жайда, ал эми 10 пайызы кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө иштейт.

**– Москва районунда кандай адамдар жашайт?**

– Бул жерде көп улуттуу үй-бүлөлөр абдан көп жашайт. Ошондуктан баары бири-биринин каада-салттарына сый мамиле жасашат. Адамдар ачык, жүрөгү таза, эмгекчил, саясатка аралашпайт, албетте мындай коомдо ынтымак жана өз ара түшүнүшүү бар. Бул сапаттар пандемия маалында абдан жардам берди. Ошол оор күндөрү карапайым адамдар улутуна, жашына же статусуна карабастан жергиликтүү бийликке COVID-19 менен күрөшкө жардам беришти. Биздин районго коронавирус илдети башында эле келген. Бирок биз жаңы коркунучка ыкчам түрдө реакция жасап, илдетти андан ары жайылтпоо боюнча бардык сактануу чараларын көрдүк.

**– Райондогу ЖӨБ органдары кандай?**

– ЖӨБ органдарын өнүктүрүүдө чоң прогресс байкалууда. Мурда түшүнбөстүктөр көп эле болуп келген, ар ким өзүнүкүн айтып, эч ким милдеттерин билчү деле эмес. Бирок азыр таптакыр башка көрүнүш: жергиликтүү кеңештердин депутаттары аларга ыйгарым укуктар эмне үчүн жана кандай максатта берилгенин түшүнүшөт, АӨ башчылары өз ишин жолго салып алышкан, түрдүү долбоорлорго жигердүү катышууда, инвестицияларды тартып, жергиликтүү көйгөйлөрдү натыйжалуу чече башташты. Эң негизгиси – депутаттык корпус аткаруу органы менен жигердүү иш алып барууда. Бул болсо жалпы ЖӨБ органынын ишинин жыйынтыгына да оң таасирин тийгизип жатат.

**– Райондун келечегин кандай элестетесиз?**

– Биздин райондо бир да шаар жок. Беловодск жана Биринчи Май айылдык аймактарын бириктирүү жолу менен ошол муниципалитетке шаар статусу берилсе дейбиз. Бул логикалуу кадам болмок. Себеби эски административдик-аймактык бөлүштүрүүгө ылайык, мурда бул бир чоң айыл болчу, кийин эле аларды бөлүп салышкан. Биринчи Май ААда райондун бардык өнөр жайы топтолгон, ал эми Беловодск айылында башка мүнөздөгү инфраструктура бар. Бул аймактарды бириктирүү менен биз калкынын саны 40 000ге жеткен шаарга ээ болобуз, бириктирилген структура болсо бардык багыттар боюнча өнүгүүгө жол ачат. Мисалы, Беловодск айылында 5 гектар аянтка чоң сейил бак курсак болот, өнөр жайды калыбына келтирсек, адамдарды иш менен камсыз кылып, жаңы жумуш орундары да пайда болмок, жаштар Бишкекке кетпей калышмак. Бала бакчаларды жана мектептерди курууну пландап жатабыз. Себеби акыркы жылдары жаңы төрөлгөндөр көбөйүп, калктын саны өсүп жатат. Бүгүнкү күндө балдар мектепте 2-3 нөөмөт менен окушат, беш жылдан кийин мектептердин тартыштыгы курч көйгөйгө айланары талашсыз.

Биз ири инвесторлорду кучак жая тосуп алабыз, аларга бизнести өнүктүрүү үчүн бардык шарттар түзүлүп жатат. Бардык айылдык аймактар инвестициялык шарттарды түзүүнүн үстүнөн жигердүү иштешүүдө, инвестиция тартуу максатында жер участокторун берип жатышат. Бизде көп кабаттуу үйлөрдү куруу боюнча инвесторубуз бар эле. Бирок мыйзамдар боюнча элеттик айылдык аймактарда 5 кабаттан ашык үй курулбашы керек экен. Эгерде шаар статусун алсак, анда элибиз үчүн заманбап үйлөрдү куруп бере алмакпыз. Жакынкы келечекте биздин районду газга өткөрүүнү пландаштырып жатабыз. Себеби бүгүнкү күндө районубуз – облуста газ өткөрүлбөй калган жалгыз район. Газ өткөрсөк адамдардын жашоосун оңдогондон тышкары инвестициялык климатты да түзүп, кошумча ресурстарды тартып, бардык багыттарды өнүктүрүүдө артыкчылыкка ээ боло алмакпыз. Ал эми бул – жалпы райондун экономикасын көтөрүү дегенди билдирет. Биз кыялданабыз, пландап жатабыз, аракет кылып, ой-максаттарыбызды ишке ашыруудабыз!

М



# ТОО БОЮНДАГЫ МУНИЦИПАЛИТЕТТИН COVID-19 МЕНЕН ИЙГИЛИКТҮҮ КҮРӨШҮ

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Ак-Суу АА

**Ак-Суу АА жети айылдан турат, анда 1641 үй кожолук бар. Муниципалитет Бишкектен 65 км аралыкта орун алган. Калкынын саны 9506 адамды түзөт, анын ичинде 4745 аял (50%) бар. Элдин курамы көп улуттуу, бул жерде кыргыздар, өзбектер, орустар, чечендер, мордвиндер, татарлар ж.б. жашайт. Жергиликтүү бюджет 7 млн. 828 миң сомду түзөт. Муниципалдык менчикте кыймылсыз мүлктүн 26 объектиси бар: АӨ имараты, жети мектеп, 4 клуб, 1 маданият үйү, 6 ФАП, 1 Үй-бүлөлүк медицина борбору, социалдык турак үй, 4 башкы суу жабдуу системасы. Аймак тоо боюнда, Кыргыз тоо кыркаларында Москва районунун түштүк бөлүгүндө жайгашкан.**

**КӨЙГӨЙ: көзгө көрүнбөгөн, белгисиз жоо бастырып кирди**

2020-жылдын март айында өлкөдөгү башка көптөгөн муниципалитеттердей эле Ак-Суу айылдык аймагы да COVID-19 эпидемиясына биринчи жолу туш болду. Ар бир жашоочу коркунучту жон териси менен сезип, илдет каалаган жерден, каалаган учурда илешип аларын билип калды. Карантин чектөөлөрү киргизилгенден кийин жашоочулар үйлөрүндө камалып, көчөлөр ээнсиреп, турмуш тиричилик кинодогудай эле токтоп калды. Бирок Ак-Суу ААнын айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана жергиликтүү кеңештин депутаттары ишин уланта беришти. Булардын эч кимисинде көзгө көрүнбөгөн душман менен күрөшүү тажрыйбасы болгон эмес. Жарандардын алдындагы жоопкерчилигин сезип, ЖӨБ органдары аларды коргоо үчүн болгон күч-аракетин жумшоого даяр эле. Бирок аракеттерди кайда багыттап, эпидемияга каршы иш-чараларды кантип уюштуруп, оорулууларга кантип жардам бериш керектигин көбү билбей калган кырдаал түзүлгөн.

**ЧЕЧИМ: биримдик жана өз ара колдоо**

COVID-19 тууралуу биринчи жолу маалыматты ЖӨБ органы жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу алган. Андан соң райондук мамлекеттик администрациядан расмий кат келди. Анда Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирустук инфекциянын жайылышына байланыштуу тобокелдиктерди азайтуу максатында КР Өкмөтү “Коронавирустук илдеттин жайылышын болтурбоо боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптардын” Убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди бекиткени айтылган. Бул документтин







негизинде ЖӨБ органы оорунун алдын-алуу жана жайылтпоо боюнча чукул арада бардык иштерди уюштуруу тууралуу чечим кабыл алды.

ЖӨБ органынын ыкчам жана натыйжалуу ишинин натыйжасында Ак-Суу ААнын аймагында COVID-19дун жапырт жайылуусун токтотуп калуу мүмкүн болду. Ак-Суу ААнын айыл өкмөтү райондо биринчилерден болуп жаңы коркунучка жооп кайтарып, ыкчам штабды ачты. 18 адамдан турган бул штабдын курамына АӨ кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары, жети айылдын старосталары, ФАПтын жана Үй-бүлөлүк медицина борборунун медкызматкерлери, эки участкалык милиция кириште. Штабдын курамы АӨнүн буйругу менен расмий бекитилген. Штаб аймактын чегинде коронавирустун жайылышын болтурбоо боюнча иш планын даярдады.

Райондо биринчилерден болуп жети айылда жети өткөрмө бекети орнотулду. Бул өткөрмө бекеттерде жашоочулар жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү күнү-түнү нөөмөттө туруп кайтарышты. Райондун чек арасында жайгашкан эки өткөрмө бекетте ИИМдин, МАИнин, ӨКМдин кызматкерлери жардам беришти. Бир жарым ай бою нөөмөттө тургандар жеке коргонуу каражаты, күнүнө эки жолу ысык тамак менен камсыздалышты.

Саламаттык сактоо министрлигинин сунуштамасы боюнча жети мектеп тең карантинге жабылды. Алты ФАП жана бир ҮМБ күнү-түнү иштөөгө өттү. Өзгөчө зарыл дары-дармектерди сатып алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 15 000 сом бөлүндү.

АӨнүн буйругу менен айылдык аймактын чегинде эл көп катышкан иш-чараларды өткөрүүгө убактылуу чектөө киргизилди. Жети айылда көчөлөр дезинфекцияланып чыкты. Бул үчүн жергиликтүү бюджеттен 90 000 сом бөлүнгөн. Бул каражат негизинен хлордуу дарыларды сатып алууга жумшалды. Мындан тышкары жону жука үй-бүлөлөргө да колдоо көрсөтүлдү. Бул үчүн жергиликтүү бюджеттен 60 000 сом бөлүнүп, 2 тонна ун сатып алынды. Бул ун өзгөчө муктаж болуп турган 200 үй-бүлөгө таратылды. Темен-Суу айылынын тургуну, көп балалуу үйдүн кожоюну Рустам БОРБИЕВ буларды айтты: “Карантинге байланыштуу жумушсуз калдым жана азык-түлүк, дары-дармек сатып алууга акчам жок эле. Ошол себептен бул өтө зарыл жардам биздин үй-бүлөбүз үчүн өз убагында келди”. Чоң-Арык айылынын тургуну, 2-топтогу майып Гүлмира СҮЙӨРКУЛОВА: “Мен кайрымдуу адамдарга, “Жаштык Нур” жаштар кыймылына жана Алтынбек МАМБЕТАЛИЕВге чын жүрөгүмдөн терең ыраазычылыгымды билдиремин. Ушундай оор заманда обочодо калган элем. Өзүмдүн жана жакындарымдын өмүрү үчүн кооптонуп тургам. Бирок алар жардамга келишкенде биздин үй-бүлө бул дүйнөдө жалгыз калбаганына көзүм жетти”.

20дан ашык жергиликтүү демөөрчү 275 000 сомго 5 кычкылтек концентраторун, 40 000 сомго 8 кычкылтек баллонун, жеке коргонуучу каражаттарды жана өтө зарыл дары-дармектерди сатып алып, ФАПтар менен ҮМБ арасында таратып чыгышты.

Ак-Суу ААнын айыл өкмөт башчысы Жаркын ОСМОНКУЛОВА: “Биз райондун ичинен биринчилерден болуп ыкчам координацияланып, коргонуу чараларын так уюштура алдык. Карантин эрежелерин сактап, көчөлөрдү дезинцфекциялоо өңдүү негизги жумуштардан тышкары биз үн күчөткүчтүн жардамы менен, “Вотсаптагы” тайпалар аркылуу жети айылдагы үй-бүлөлөргө

маалыматтарды берип, үйдөн чыкпай, мүмкүн болушунча сактануу зарыл экенин эскертип турдук".

Темен-Суу борбордук айылынын аймагындагы ҮДБ имараты дээрлик каралбай калган эле. АӨ башчысы Жаркын ОСМОНКУЛОВАнын демилгеси менен ҮДБ көйгөйүн чечүү боюнча демилгелүү топ жана атайын фонд түзүлдү. Жергиликтүү жамаат бул фондго 248 500 сом чогултуп берген. Кайдыгер калган эч ким болгон жок. Ар бир адам колдон келген салымын кошту, кээ бири 100 сом берсе, айрымдары 30 000 сомго чейин беришти. Чогулган акчанын жардамы менен, ошондой эле 76 500 сомго бааланган элдин эмгек салымы менен (төрт адам 1,5 ай бою иштеди) ҮДБ имараты толугу менен оңдолуп чыкты. Натыйжада 16 орундуу күндүзгү стационар ачылып, коронавирустун "биринчи толкунунда" 260 адам дарыланды. 2021-жылы да бул стационарда 55 адам дарыланууда. Бирок бул көрүлгөн чараларга жана күч-аракеттерге карабастан айрым адамдардын өмүрүн сактап калуу мүмкүн болгон жок. COVID-19 бул аймактан 7 адамдын өмүрүн алып кетти. Айыл өкмөт башчы Жаркын ОСМОНКУЛОВА буларды айтты: "Жергиликтүү бийлик да, өкмөт да мындай пандемияга катуу даярданбаганы ачуу чындык. Антпесе, биз ушунчалык көп адамдарды жоготуп алмак эмеспиз. Жетекчи катары күнү-түнү өткөрмө бекеттерде нөөмөттө турган жаштардын эмгегин жогору баалайм. АӨнүн бардык кызматкерлерине, оор кырдаалда кол сунуп, жигердүү жардам берген бардык кайдыгер эмес адамдарга терең ыраазымын. Мындай оор кырдаал бизди, аймактын жергиликтүү тургундарын гана эмес, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө жашаган мекендештерибизди да бириктирет деп күткөн эмесмин. Италияда, Түркияда, Америкада жашаган мекендештер акчалай 55 000 сом беришти, 484 600 сомго беш кычкылтек концентраторун, дары-дармектерди сатып алып берип жиберишти".

**Социалдык натыйжалуулук**

Ошол кооптуу учур кыйынчылыктар менен гана эмес, ошондой эле аймактагы калктын биримдиги сезилгени менен да эсте калды. Жарандардын көбү көзгө көрүнбөгөн жоо менен кармашка акчалай да, эмгек менен да салым кошуп жатышты. "Коомго кызмат кылуу" тууралуу кооз сөздөрдү эч ким айткан жок, жеке мүдөөсүн көздөгөн бири да болгон жок, баары үн катпастан, ынтымакта, чын ниети менен күрөшкө билек түрө кирише. АӨ башчысы Жаркын ОСМОНКУЛОВАны угалы: "Адамдар бири-биринин өмүрүн баалап, башкаларды аяп, кам көрө баштады. Мурда көчөдө жаткан адамдын жанынан "мас болсо керек" деп






эле басып кетишчү. Азыр болсо ар бир адам сөзсүз түрдө токтоп, жардам берет".

Административдик натыйжалуулук: Айыл өкмөттүн кызматкерлери чукул кырдаал шартында иштегенди, ыкчам чечимдерди кабыл алганды, бири-бирине күттүрбөй жардамга жетип барганды үйрөнүштү. Алар "Баары аман калышы керек" деген максатты алдына коюп, чыныгы команда боло алышты. Бул ураан коронавирус менен күрөштө алдыңкы катарда иштегендерге да дем берди. Себеби АӨнүн көпчүлүк кызматкерлери үй-бүлөсүнүн, балдарынын, ата-энесинин коопсуздугу үчүн аларды көрбөй иштөөгө мажбур болушту.

**ЧЫГЫМДАР**

Жалпысынан 893 500 сом сарпталды, анын ичинде жергиликтүү бюджеттин салымы 183 200 сом, демөөрчүлөрдүн жардамы 484 600 сом, жергиликтүү жамааттын акчалай салымы 248 500 сом, эмгек салымы 76 500 сом болду. М

# ЖАМААТТЫН КООМДУК МОНИТОРИНГИ ЖӨБ ОРГАНЫНЫН АБРОЮН КОРГОП ЖАТАТ

## Чүй облусунун Москва районуна караштуу Александровка АА

**Александровка АА 3502 үй кожолук жашаган үч айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 33 км алыстыкта орун алган. Бул аймакта 17 358 адам, анын ичинде 8478 аял (49%) жашайт. Элдин курамы көп улуттуу. Жергиликтүү бюджет 18 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 50 кыймылсыз мүлк объектиси турат.**

**КӨЙГӨЙ: ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрүнө жана жасаган ишине жамаат тарабынан көзөмөлдөө механизми жок**

СССР маалында элдик көзөмөл институту натыйжалуу иш алып барчу. Бул институттун негизги күчүн жумушчулар, колхочулар, кызматчылар түзгөн. Алар элдик көзөмөл топторунда, постторунда жана комитеттеринде иштешчү. Элдик көзөмөл институту карапайым калкты мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууга тартуунун бир формасы болчу. СССР тарагандан кийин элдик көзөмөл да токтогон. Бирок ага болгон муктаждык жоголгон жери жок. Жарандар мурдагыдай эле бийлик органдарынын бардык чөйрөлөрдөгү жана багыттардагы кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатына көзөмөл жүргүзгүсү келет. Бул маселе өзгөчө элет жергесинде актуалдуу болуп турат. Себеби ар бир айылдагы ар бир объектке мамлекеттик контролдоочу органдын көзөмөлүн орнотуу мүмкүн эмес. Ошондуктан Кыргызстан эгемендигин жарыялагандан бери өлкөдө мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишине коомдук мониторинг жүргүзүү зарылчылыгы тууралуу чакырыктар көп айтыла баштады. Жарандар көчөлөрдүн оңдолушуна, муниципалдык объекттердин жана инфраструктуранын курулушу менен ремонтуна көз салгысы келет. Александровка ААдагы кырдаал өлкөдөгү башка муниципалитеттерден эч айырмаланчу эмес. Бул жерде да жергиликтүү жамаатта каалоо болгону менен, жергиликтүү маанидеги маселелердин чечилишине мониторинг жүргүзүү процесси жолго салынган эмес эле.

**ЧЕЧИМ: биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу ЖӨБ органынын жардамчысы ролунда**

2015-жылы Александровка ААнын ЖӨБ органы жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун жаңы Моделин киргизген. Бул моделдин жардамы менен жамаат айылдык аймактын 11 артыкчылыктуу көйгөйүн тизмелеп чыккан. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн демилгелүү топтор түзүлгөн. Андан соң аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча ЖӨБ органдары менен жамааттын биргелешкен аракеттер планы иштелип чыгып, бул планды жергиликтүү кеңеш бекитип берген.

Пландын аткарылышына жана кандай жыйынтыктарга жеткенине, ошондой эле жргиликтүү бюджеттин эсебинен, жергиликтүү жамаат кошкон салымдын эсебинен ишке ашырылган долбоорлорго, демилгелерге, программаларга мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу (мындан ары – БМжБ тобу) түзүлгөн. Топтун курамын жергиликтүү кеңеш бекитип, ага 9 адам кирген. Алар: кеңештин депутаттары, айыл башчылары, айыл өкмөтүнүн кызматкери, жамааттын активисттери. 2017-жылы топтун курамы кеңейтилип, жаңыланган. Мындан ары топко аймактагы демилгелүү 15 лидер кирген. Алардын арасында айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, кеңештин депутаттары, ТОС жетекчилери, "Щинщю" коомдук уюмунун төрагасы, дыйкан чарбасынын мүчөсү, эки айылдын башчысы болду. Топтун курамын түзүп жатканда жашоочулар талапкерлерде натыйжалуу мониторинг жүргүзүү үчүн зарыл болгон сапаттардын болушун эске алышты. Топтун курамына тартиптүү, адилеттүү, ак ниет, сынды көтөрө билген, так жүргөн, элеттиктер арасында абройго ээ болгон адамдар тандалды.

БМжБ тобунун бардык мүчөлөрү бир катар тренингдерден өтүп, биргелешкен мониторинг жана баалоо процессин уюштуруп, өткөрүү үчүн зарыл болгон билимге жана көндүмгө ээ болушту. Андан соң БМжБ тобунун иш-аракеттер планы даярдалып, ал ЖӨБ органынын иш планы менен макулдашылды. Ошол учурдан баштап ушул күнгө чейин БМжБ тобу өз ишин жигердүү жана натыйжалуу жасап келатат. Мисалы, БМжБ тобу Беш-Корук айылындагы кенже класстар үчүн имараттын капиталдык оңдоо иштерине визуалдык текшерүү жүргүзүп, подрядчылар ишти сапаттуу жасабаганын аныктап чыгышкан: линолеумдун кошулган жери эч бекитилген эмес;



жаңы жылытуу системасы жарылган; имараттын чатыры туура эмес жасалгандыктан көк дат баскан. Подрядчылар сатып алган унитаздар жана кол жуугучтар орнотулган эмес, терезеден штукатурка кесим-кесим болуп түшүп, каалганын боору кыйшайып, нымдан көөп чыккан. Мына ушул кемчиликтердин баарын БМжБ тобу аныктап чыгып, дефекттик акт түзүп, сунуштама катары ЖӨБ органына өткөрүлүп берилген. Жергиликтүү бийлик БМжБ тобунун сунуштамасын катуу көзөмөлгө алгандыктан подрядчылар берилген мөөнөттүн ичинде бардык кемчиликтерди оңдоп чыгышкан. Подрядчылар бардык шарттарды аткаргандан кийин гана ЖӨБ органы БМжБ тобу жана техникалык көзөмөл боюнча адистер менен чогуу подрядчылардын жумушун кабыл алышкан.

2017-жылы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун 1 млн. сомдук гранттык каражатына тендер боюнча подрядчылар аркылуу Беш-Корук айылындагы бала бакча үчүн шаймандар жана жабдуулар сатып алынган. БМжБ тобу сатып алынган буюмдарды текшерип чыгып, натыйжада шейшептерди алмаштыруу тууралуу акт түзгөн. Себеби алардын сапаты талап кылынган стандарттарга жооп берген эмес. БМжБ тобу ЖӨБ органына сунуштамаларды берип, ал өз кезегинде подрядчыга кемчиликтерди тийиштүү мөөнөттө оңдошу керек деген катаал шарттарды койгон. Бардык кемчиликтер четтетилген соң гана ЖӨБ органы БМжБ тобу менен чогуу подрядчынын ишин кабыл алган.

Мындан тышкары дагы көптөгөн жергиликтүү маанидеги маселелердин чечилишине мониторинг жана баалоо жүргүзүлгөн. Мисалы, чакан футбол аянтчасынын курулушуна; жолдорго төшөлгөн асфальтка; мектепте терезелерди алмаштырууга; таштанды чыгаруу боюнча муниципалдык атайын техниканын эксплуатациясына; ААнын айылдарындагы маалымат такталарынын орнотулуп, жаңыланып турушуна; түрдүү долбоорлордун алкагында техникалык жардам катары берилген жабдуулардын жана кеңсе техникаларынын ордунда болуп, кантип колдонулуп жатканына мониторинг жүргүзүлгөн. Мындан тышкары БМжБ тобунун бардык мүчөлөрү коомдук иш-чараларга (чогулуштарга, коомдук угууларга) тынбай катышып турушат. Бул иш-чаралардын жүрүшүндө алар талкууга гана катышпастан, иш-чаранын сапатына да мониторинг жүргүзүшөт. Чогулуштарда БМжБ тобу элеттиктерге өз ишинин жыйынтыгы тууралуу маалымат берип, мониторингдин жыйынтыгы боюнча сүрөттөрдү аймактагы маалымат такталарына илишет. БМжБ тобунун мүчөлөрү кызмат көрсөтүүнү баалоонун жыйынтыктары тууралуу маалымдуулуктун деңгээли боюнча оозеки сурамжылоо жүргүзүшкөн. Ошондой эле айыл тургундарынан ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү канчалык канааттандырарын сурап чыгышкан.

**ЖЫЙЫНТЫК: ЖӨБ органынын ишинин сапаты жогорулады**

Коомдук мониторинг элдин жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун эң натыйжалуу формаларынын бири болуп калды. Топ көйгөйлөргө өз убагында жооп кайтарууга жардам берип, ишин чала жасаган подрядчылар менен маселени чечишүүдө ЖӨБ органдарына чоң пайда алып келди. Ошол эле маалда ЖӨБ органы да, БМжБ тобу да өз ролдорун туура түшүнүп, бири-бирине тоскоол болбой, жардам берип, кызыл чеке талаш болсо да, ортолорунда тирешүү байкалган жок. ЖӨБ органы БМжБ тобу алып келген салымды жана пайданы тааныганын бир факт тастыктап турат: ЖӨБ органы өзүнүн муниципалдык транспортун БМжБ тобунун иш сапарларына берип турат.

БМжБ тобунун мүчөсү, аялдар кеңешинин төрайымы Ф. МАРОВАны угалы: “Биз, топтун мүчөлөрү жамаат үчүн абдан керек адам экенибизди, жакшы иш жасап жатканыбызды түшүндүм. БМжБ тобунун миссиясы, максаты жана милдеттери жалпы аймактын өнүгүүсү үчүн өтө зарыл. Биздин эмгекти баалап, сый мамиле жасап калышты. Муну күн сайын сезебиз. Бизди бардык иш-чараларга чакырып, шыктандырып, колдоо сөздөрү менен дем берип, ыраазычылыгын билдирип турушат. Ошондуктан биз өтө чоң көлөмдөгү коомдук ишти чын ниетибиз менен, эргүү менен аткарабыз. Дагы бир нерсени байкадым: БМжБ тобунун ишинин ийгилиги кыйыр түрүндө жамаат ичиндеги достукту, тынчтыкты, биримдикти жана өз ара түшүнүшүүнү бекемдейт экен. Эң негизгиси, биздин БМжБ тобунун жардамы менен аймактагы көптөгөн маселелер сапаттуу жана натыйжалуу чечилип жатат”.

Назира САТЫНБЕКОВА, Беш-Корук айылындагы “Келечек” бала бакчасынын башчысы: “БМжБ тобу бала бакчанын ремонтуна өтө маанилүү жана чоң салым кошту. Бул топ капиталдык ремонт кандай жүрүп жатканын көзөмөлдөп, зарыл болгон жабдууларды жана шаймандарды сатып алуу процессине тынымсыз байкоо салып турду. БМжБ тобунун ишинин натыйжасында бүгүнкү күндө балдарыбыз жакшы тарбия көрүп жатышат, ал эми биз болсо ыңгайлуу жана жылуу бөлмөдө иштеп жатабыз, бизге бардык зарыл шарттар түзүлдү”.

**Социалдык натыйжалуулугу**

БМжБ тобун түзүү менен Александровка ААдагы ЖӨБ органынын ишине коомдук мониторинг киргизүүнүн натыйжасында айылдагы көйгөйлөргө кайдыгер карабаган адамдарды активдештирүү мүмкүн болду. Өздөрү үлгү көрсөтүп, БМжБ тобунун мүчөлөрү көптөгөн адамдарды жергиликтүү өз алдынча башкарууга, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тарта алышты. Ошондой эле БМжБ тобунун жардамы менен жергиликтүү жамаатка кайтарым байланыш үчүн шарттар түзүлдү. Адамдар кемчиликтерди, мыйзам бузууларды көз кырында калтырбастан, ошол замат ЖӨБ органына кабар бере баштады. Эми Александровка ААнын БМжБ тобунан жалпы Чүй облусундагы бардык муниципалитеттер үлгү алышууда.

**Административдик натыйжалуулугу**

Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча жаңы механизмди киргизүүнүн натыйжасында ЖӨБ органында жергиликтүү маанидеги маселелерди сапаттуу чечүүгө жардам берген ишенимдүү жардамчысы пайда болду. БМжБ тобу кыска убакыттын ичинде ЖӨБ органынын ишине коомдук мониторинг жүргүзүү чөйрөсүндө өтө көп оң жыйынтыктарга жете алды. Дал ушул БМжБ тобу аркылуу ЖӨБ органы мыйзам бузууларга ыкчам жооп кайтарып, подрядчылардын ишиндеги орой кемчиликтерди өз убагында четтетип, аларды көзөмөлгө алып турду. Жергиликтүү жамаат болсо ЖӨБ органына көбүрөөк ишеним артып калды. Ал эми БМжБ тобу жергиликтүү бийлик менен калк ортосунда ишенимдүү көпүрөгө айланды. БМжБ тобунун төрайымы ЛИВАЗА Разия: “Жергиликтүү бийлик БМжБ тобунун ишин абдан жакшы колдойт. Бардык тараптар менен – ЖӨБ органы, маморгандар, түрдүү мекемелер жана уюмдар менен тыгыз байланыш түзүлгөн. Биздин БМжБ тобу ЖӨБ органынын биринчи жардамчысы болуп саналат. Мисалы, жакында эле айылда жер астындагы өтмө жолду суу каптап, окуучулар жолдон өтө албай калышкан. Жашоочулар ЖӨБ органын жана акимиатты айыптап, курулуш маалында “акчаны жеп коюшкан”, “жолду туура эмес курушкан” деп доомат артышкан. Бирок иш жүзүндө андай болуп чыккан жок: биздин топ мониторинг жүргүзүп, бул өтмөнү Транспорт министрлиги сапатсыз курганын аныктап чыктык. КР Өкмөтүнө кайрылгандан кийин гана Транспорт министрлиги оңдоо иштерин жүргүздү. Ошентип биз жашоочулардын алдында ЖӨБ органынын аброюн коргоп калдык”.





**АЛЫНГАН САБАКТАР: БМжБ тобу чакан болуп, бирок жигердүү иш алып барышы керек**

БМжБ тобунун төрайымы Разия ЛИВАЗА бир топ үчүн 15 адам өтө көп экенин айтат. Баары бир иш жүзүндө 5-7 киши гана жигердүү иштейт экен. “Мындан тышкары пландоо усулдарын да кайра карап чыгуу зарыл. Азырынча биз БМжБ тобунун планына үзгүлтүксүз түрдө түзөтүүлөрдү киргизип турабыз, бул болсо өтө көп убакытты алат. План боюнча гана иштөө мүмкүн болбой жатат. Зарылчылыкка жараша көп иш жасоого туура келүүдө. Мисалы, эч кимибиз эпидемия башталып кетет деп ойлогон эмеспиз да. Бул апаат биздин пландалган иштерибизге өтө тоскоол болду, көптөгөн мекемелер же объекттер иштебей калган, ал эми бизге өтө чоң көлөмдөгү пландалбаган иштерди тапшырышты. Ошондуктан дайыма тажрыйба алмашып турушубуз керек, бул мындан да натыйжалуу иштегенге жардам берет”.

# ЭСЕПТЕН ЧЫГАРЫЛГАН СВЕТОФОРЛОР ЖОЛДОРДОГУ КООПСУЗДУК МАСЕЛЕСИН ҮНӨМДҮҮ ЧЕЧҮҮГӨ ЖАРДАМ БЕРИП ЖАТАТ

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Беловодск АА

**Беловодск АА 6 941 үй кожолугу жашаган эки айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 41 км алыстыкта орун алган. Аймакта 24 352 адам, анын ичинде 13 139 аял (54%) жашайт. Элдин курамы көп улуттуу. Жергиликтүү бюджет 73,5 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 30 кыймылсыз мүлк объектиси турат.**

**КӨЙГӨЙ: Беловодск айылынын кесилиштеринде светофорлор жок**

Көп адамдар Беловодск айылы Бишкек – Ош жолунун жээгинде жайгашкандыктан светофорлор жана жүргүнчүлөр үчүн өтмө жол менен жабдылган деп ойлошот. Ошондуктан светофорлордун жоктугу тууралуу маселе бир караганда күтүүсүз болуп чыга келет. Бирок Беловодск – чоң айыл, анын көчөлөрүнөн машинелер күнү-түнү тынбай өтүп турат. Октябрь жана Комсомол, Ленин жана Ломоносов, Кыргызстанга 50 жыл жана Ломоносов, Ленин жана Жеңиш көчөлөрүнүн кесилиштеринде машиненин агымы эч токтобойт. Буга байланыштуу ал көчөлөрдө жол кырсыктары да көп болуп турат. Кээде бул кырсыктар адамдын өмүрүн да алып кетүүдө. Ошол себептен светофорлорду орнотуу маселеси өтө көптөн бери курч турган эле. Жаңы светофорлорду сатып алууга жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүнбөй келген. Себеби айылда мындан да артыкчылыктуу көйгөйлөр улам чыга берчү.

**ЧЕЧИМ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫК: тапкычтык менен жаралган, баасы жагынан туура келген чечим**

Беловодск айыл өкмөтүнүн башчысы Кубанычбек ЕШАЛИЕВди угалы: “Жашоочуларыбыздын коопсуздугу биз үчүн баарынан өйдө турат. Бирок жаңы светофорлордун баасы өтө эле кымбат экен. Кыргызстанда эсептен чыгарылган светофорлорду кайра орнотуу практикасы бар болгонун угаар замат биз бул багытта иш жүргүзө баштадык. Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын Адистештирилген монтаждык-эксплуатациялоо башкармалыгы менен Беловодск айыл өкмөтү биргелешип, өтө чукул убакыт ичинде (бир айга жетпеген мөөнөттө) көчөлөрдүн кесилиштеринде светофорлор орнотулуп, муну менен жолдордо талаптагыдай тартип орнотулду. Светофорлор жөө жүргүнчүлөргө жолдон коопсуз өтүүгө, ал эми машинелерге кырсыктан алыс болууга шарт түзүп жатат. Себеби дал ушул кесилиштерде кырсыктар көбүрөөк катталчу. Мыйзамдарга ылайык, калктуу конуштарда муниципалдык жолдордун ишин камсыздоо жергиликтүү маанидеги маселелерге кирет. Бирок муну менен гана чектелип калгыбыз келбейт. Биз мындан ары да жолдордун абалын жакшыртуунун үстүнөн ишибизди уланта бермекчибиз. ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын Адистештирилген монтаждык-эксплуатациялоо башкармалыгына терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Ошондой



эле бул долбоорду ишке ашырууга көмөк көрсөткөндөрдүн баарына абдан ыраазыбыз”.

Ошентип, Октябрь жана Комсомол, Ленин жана Ломоносов, Кыргызстанга 50 жыл жана Ломоносов, Ленин жана Жеңиш көчөлөрүнүн кесилишинде төрт светофор орнотулган.

**Социалдык натыйжалуулугу**

Кырсык көп катталган көчөнүн боюнда жашаган айыл тургуну О. ФЕДОРОВАнын айтымында, светофорлор өтө зарыл эле: Мен жашоочу катары да, мугалим катары да окуучулар үчүн тынчсыздана берчүмүн. Алар күн сайын жолду кесип өтүшөт эмеспи. Эми санаам тынч. Светофорлор адамдардын өмүрүн сактап калууга жардам берүүдө”.

**Экономикалык натыйжалуулугу**

Иш жүзүндө бул светофорлор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун колуна бекер тийди. Себеби айыл өкмөт башчысы жаңы жабдууну сатып албастан, мурда колдонулганын алууну сунуш кылды. Ошол себептен светофорлорду жерине жеткирип, орнотууга гана акча сарпталды.

**ЧЫГЫМДАР**

Буга чейин колдонулган светофорлордун баасы жана аларды орнотуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 742 594 сомду түздү. Акча жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн.

**АЛЫНГАН САБАКТАР: Светофорлордун үзгүлтүксүз иштеп турушу үчүн резервдик жабдуу керек**

Светофорлорду орнотуу боюнча жооптуу кызматкер: “Ушул өңдүү светофорлорду сатып алып, орноткондо буга кошумча системалуу блокту да сатып алыш керек экен. Себеби негизги блокту оңдогон учурда ошол кошумча системалуу блокту иштетип турабыз”. М

# ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН ТАТЫКТУУ САНИТАРДЫК ШАРТТАР ТҮЗҮЛҮП, ЫСЫК ТАМАК МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУШТУ

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Беш-Терек АА

**Беш-Терек АА 212 үй кожолугу жашаган бир айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 80 км алыстыкта орун алган. Аймакта 1 469 адам, анын ичинде 739 аял (50%) жашайт. Элдин курамы көп улуттуу. Жергиликтүү бюджет 2 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 3 кыймылсыз мүлк объектиси турат.**

**КӨЙГӨЙ:**

**мектепте билим берүү үчүн шарттар жок**

Беш-Терек – көп улуттуу айыл. Бул жерде кыргыздар, орустар, лезгиндер, казактар, көптөгөн башка улуттун өкүлдөрү, Тажикстан менен Өзбекстандан тарыхый мекенине көчүп келген кайрылмандар жашашат. Элеттиктердин өз ара мамилеси абдан жакшы, бир бүтүн үй-бүлөдөй турмуш өткөрүшөт, майрамдарды чогуу белгилеп, башына кайгы түшкөндө бири-бирине жардам бергенге умтулушат. Айталы, бир аялдын баласы ооруп калганда аны дарылоо үчүн акчаны ушул айылдын тургундары эле чогултуп беришкен.

Аймактагы жалгыз үч кабаттуу орто мектеп 1988-жылы курулган эле. Бүгүнкү күндө бул мектептеги 13 класста 309 бала билим алат. Мектепте эки даярдоочу класс бар, 15 мугалим эмгектенет. Мектеп заман талабына жооп берген окуу техникасы менен жабдылган: лингафон кабинети, информатика классы бар, мында Интернетке кошулган 13 “Пентиум” компьютери бар, Wi-Fi өткөрүлгөн. Мектепте окуу башчыларынын жана мектеп директорлорунун катышуусу менен райондук деңгээлде түрдүү семинарлар өткөрүлүп турат. Ошол эле маалда мектепте көптөн бери окуучулар үчүн эң маанилүү шарттар болбой келген: ысык тамак жок болчу, ал эми эски даараткана көчөдө эле. Мигранттардын агымы менен мектептеги балдардын да саны көбөйдү. Ошентип, окуучулар бир нөөмөткө батпай, кошумча экинчи нөөмөттү киргизүүгө туура келди.

Окуучулардын тамактануусуна деп мамлекет акча бөлгөнү менен, бир балага болгону 7 сом туура келет. Бул акчага мектеп нан менен чай гана уюштура алчу. Бул аз болгондуктан балдар ачка калып, ысык тамаксыз тез эле чарчап, бир орунда отургусу келбей калчу. Анын үстүнө кыш мезгили да бул аймакта катуу болот. Чай гана ичкендиктен балдар даараткана барыш үчүн сыртка чыгып, тайгаланып, жыгылып, тез эле ооруп калып, мындан улам сабактан калышчу. Мунун баары билим берүүгө терс таасирин тийгизип, балдарда окууга болгон ынтызарлыгын жокко чыгарып салаар эле. Мугалимдер жана ата-энелер балдары үчүн

санаага батып, эмне кыларын билбей жүрүшкөн.

**ЧЕЧИМ: инвестицияларды тынбай издеп отуруп, ЖӨБ органы акыры курч маселени чече алды**

Мектептеги шарттарга байланыштуу маселени чечүү боюнча демилгени 2019-жылы окуу жайдын жетекчилиги, педагогдор жана ата-энелер чогуу көтөрүп чыгышты. Бул демилге менен алар ЖӨБ органына кайрылып, биринчи кезекте ысык тамак маселесин чечип берүүнү өтүнүштү. Бирок баары эле муниципалитет дотацияда турганын, жергиликтүү бюджетте болгону 2 миллион сом акча болгонун, бул акча социалдык объектилерди күтүүгө жана башка маселелерди чечүүгө өп-чап жетерин түшүнүп турушту. Ошол себептен айыл өкмөтү менен жергиликтүү кеңештин депутаттары кошумча каражат издеп, мамлекеттик органдарга кат жазып, түрдүү долбоорлорго тынбай кайрылып жатышты. Ошентип отуруп алар "Мерсико" эл аралык уюму менен байланышкан. "Мерсико" биринчи кезекте айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана мектептин администрациясы үчүн окуу өткөрүп, ысык тамакты кантип уюштурса болорун, өз убагында жана тоюмдуу тамак балдарга кандай пайда алып келерин айтып беришти. Андан соң мектептин ашканасынын абалынан кабар алып, ЖӨБ органдарына өз сунуштарын беришти: жергиликтүү бийлик адегенде ашкананы оңдоп чыгышы керек, ал эми "Мерсико" ашканага керектүү жабдууларды сатып берет. Бул шарт аткарылды, ЖӨБ органы ашкананы толугу менен оңдоп чыкты (бул үчүн жергиликтүү бюджеттен 90 000 сом, республикалык бюджеттен 536 000 сом бөлүндү). Ата-энелер комитетинин күчү менен ашкананын дубалдарына пластик чапталып, полго плитка төшөлдү. "Мерсико" уюму болсо муздаткыч, ашкана үстөлдөрүн, чоң кол жуугуч, майды чогултчу жабдуу, чоң меш, камыр жууругуч, нан бышырчу шкаф сатып берди. Бүгүнкү күндө "Мерсико" ашкананы керектүү азык-түлүк менен (ун, таруунун бардык түрлөрү, макарон, өсүмдүк жана каймак май ж.б.) камсыздап турат. Ашпозчу жана ашкананын кызматкери тамактын менюсун түзүп, порциялардын көлөмүн туура ченеп, тамак-аштын сапатын талапка ылайык сактоо боюнча атайын окуудан өтүшкөн. 2019-жылдын март айында мектептин алдында бак тигилип, жалпы жамааттын күч-аракети менен 100 көчө алма отургузулган. Ал эми тамчылатып сугаруу үчүн 3 тонналык суу топтогуч орнотулган. Эми жакынкы келечекте мектеп жемиштердин түшүмүн алып, анын кагынан компот жасай баштайт деп күтүлүп жатат. Бул демек, балдар витаминдер менен камсыздалат. Буга чейинки долбоорлор ийгиликтүү ишке ашканына көзү жеткен соң "Мерсико" уюму жергиликтүү бийликке жана жамаатка ишенип, мектептин дааратхана маселесин да чечкенге жардам берди. 2021-жылдын январь айында 1-4-класстын окуучулары үчүн мектептин биринчи кабатында дааратхана болот.






**ЖЫЙЫНТЫГЫ: 158 окуучуга билим алуу үчүн жакшы шарттар түзүлдү, балдар сабактан калбай калышты**

Демөөрчүлөрдү издеп, аларды тартуу менен мектеп окуучулар үчүн татыктуу шарттар түзүлүп, ысык тамак менен камсыз болушту. Бул болсо кенже класстын окуучуларынын билим алуусуна өтө чоң таасирин тийгизди. Ушул тапта башталгыч



класстын 158 окуучусу күн сайын ысык тамак менен камсыздалып турат, эми алар сыртта тоңбой, имараттын ичиндеги ааратканага барып калышты. Мектептин администрациясы, мугалимдер жана ата-энелер мындай жыйынтыкка көзү толуп, балдары үчүн сүйүнүп турган чагы.

Айыл өкмөт башчы Алмаз ДУБАНАЕВди угалы: "Биз окуучуларга толук билим алуусу үчүн жакшы дем бердик. Биргелешкен күч-аракет менен балдардын коопсуздугун камсыз кылып, алардын саламаттыгына кам көрүп, сапаттуу билим алуусу үчүн жагымдуу шарттарды түзө алдык. Мектептин эски терезелерин пластикке алмаштыруу үчүн республикалык бюджеттен акча бөлдүртүү максатында КР Финансы министрлигине расмий кат менен кайрылганбыз. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы мектептеги шарттарды мүмкүн болушунча жакшыртууну, жалпы айылдагы инфраструктура көйгөйүн чечүүнү өзүнүн милдети деп билет. Бул үчүн терең ойлонулган, дымактуу пландарыбыз бар. Аларды бара-бара ишке ашырабыз".

Мектеп директору Гулжомол АБДУЛОЕВА: "Мектептин окуучулары өзгөрдү, алар сабакты калтырбаганга аракет кылышат, балдардын билим деңгээли да оңолду, бул албетте алардын келечегине абдан жакшы таасирин тийгизет. Коробузга тигилген бак үчүн да ыраазымын, мектептин сырты да бир кыйла оңолуп калды. Ал эми окуучуларыбыз эмгекке, табиятка аяр мамиле жасаганга үйрөнүп жатышат".

9-класстын окуучусу Арина ОБОДОВА: "Акыркы жылдары мектепте абдан жакшы өзгөрүүлөр болуп жатат. Бардык шарттар түзүлгөн дааратканa пайда болду, ашканабыз ыңгайлуу жана дайыма даамдуу жыт чыгып турат. Бизде бакча да пайда болду, ага кам көрүп, тегерек четин тазалаганды абдан жакшы көрөбүз. Жакында мектептеги бардык терезелерди алмаштырып чыгышса, окуу жайыбыз жылуу жана мындан да ыңгайлуу болуп, заман талабына жооп берип калат".

**Социалдык натыйжалуулугу**

Мектепте шарттарды түзүү боюнча долбоорлордун ийгиликтүү ишке ашырылышы мектеп администрациясын башка долбоорлор менен да иштешкенге үйрөттү. Айталы, Ага-Хан Фондунун алкагында техникалык жардам катары мектепке беш компьютер, эки проектор жана түстүү принтер сатып алынды. Сергек жашоого үндөө максатында ЖӨБ органы менен жаштардын күч-аракетинин натыйжасында мектепте күрөш залы ачылды. Бул үчүн жергиликтүү бюджеттен 120 000 сом бөлүнүп, мата, муштагыч, мээлейлер сатып алынды. Эми айылдагы жаш күрөшчүлөр райондук таймаштарга катышып, биринчи орундарды ээлеп жатышат.

**Административдик натыйжалуулугу**

Бул долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында ЖӨБ органы жергиликтүү өнүгүү чөйрөсүндө иш алып барган долбоорлор менен натыйжалуу кызматташканды үйрөндү. ЖӨБ органы тынбай өтүнмөлөрдү жазып, гранттык жардам түрүндө кошумча акча табуунун альтернативалуу жолдорун издеп келет. Ошондой эле жергиликтүү бийлик жамаат менен тыгыз иштешип, долбоорлорду чогуу даярдап, баштаган ишти аягына чыгарганды үйрөндү.

**ЧЫГЫМДАР**

Бул долбоорду ишке ашырууга кеткен чыгымдын жалпы суммасы 12 078 590 сомду түздү. Мунун ичинен жергиликтүү бюджеттен 210 000 сом, "Мерсико" уюмунан гранттык жардам катары 280 000 сом, республикалык бюджеттен 536 000 сом бөлүнгөн. Мектептин терезелерин алмаштыруу үчүн 2021-жылдын 1-кварталында жергиликтүү бюджетте 700 000 сом каралган.

**АЛЫНГАН САБАКТАР: курулуш жана ремонт долбоорлорун ишке ашырып жатканда бардык чоо-жайын карап чыгыш керек экен**

Мектеп директору АБДУЛОЕВА Гулжомол: "Мындай долбоорлорду пландап жатканда бардык өңүттөрүн дыкат карап чыгыш керек экен. Мисалы, ремонт иштери бүткөндөн кийин мектептин үч кабатында тең даараткана зарыл экени белгилүү болду. Себеби бул максатта ар бир кабатта бөлмөлөр бар болчу. Бул маселени жакшылап ойлонуп көрсөк болмок экен. Мындан тышкары ашканада жыт соруп алуучу жабдууну башкача орнотуш керек эле. Азырынча баары эле иштеп жатат, бирок мүмкүнчүлүк болсо эле алмаштырабыз го. Күрөш залында балдар машыгып жатканда сабак маалында баарына угулат экен. Ошондуктан жакын арада күрөш залын башка жерге көчүрүүнү пландап жатабыз".

# НАТЫЙЖАЛУУ КӨЧӨ ЖАРЫГЫ: ЖӨБ ОРГАНДАРЫ МЕНЕН ЖАШООЧУЛАР ОРТОСУНДАГЫ ЖООПКЕРЧИЛИК БӨЛҮШТҮРҮЛДҮ

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Биринчи Май АА

**Биринчи Май АА 3384 үй кожолугу жашаган бир айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 4 км алыстыкта орун алган. Аймакта 9677 адам, анын ичинде 5015 аял (51%) жашайт. Элдин курамы көп улуттуу, бул айылда 49 улуттун өкүлдөрү жашашат. Жергиликтүү бюджет 24 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 26 кыймылсыз мүлк объектиси турат. Алар: АӨ имараты, эки мектеп, бир клуб, эки бала бакча, бир ҮДТ, бир социалдык жай, сегиз суу алгыч, бир китепкана, бир мечит, 8 жер участогу.**

**КӨЙГӨЙ: көчөлөр караңгы жана кооптуу**

Биринчи Май аймагы бир айылдан эле турат, бирок анын ичиндеги көчөлөрдүн саны 74кө жетет. Ошол эле маалда ондогон борбордук көчөлөрдөгү жарык СССР маалынан бери жаңыра элек болчу. Акыркы 30 жыл ичинде жарыктандыруу системасы талаптагыдай деңгээлде каралбагандыктан бул көчөлөр да караңгы болуп калган. Мындан улам жашоочулар таң эрте жана кеч кирээр замат ыңгайсыздык сезишчү. Элеттиктер бири-бирине конокко барганда, сейилдеп басканда кооптонуп, спорт менен алектене албай, окуучулар кечинде үйгө кайтканда тилин тишине кыпчып келишчү. Улуулар балдары, жакындары үчүн кооптонсо, жаш энелер, спортчулар жана жаштар кечинде бош убактысын кенен өткөрө албай, каалашынча чуркай албай кыйналчу. Кылмыштуулуктун да деңгээли жогору болуп, мал уурулугу күч алган. Көчөлөр караңгы болгондуктан жыгылып, бутун кокустатып алгандар да аз эмес эле. Жол кырсыктары да болуп турчу, бир жолу мындай кырсык адам өмүрүн алып кетти. Ушундай кырдаал жергиликтүү бийликке жана жалпысынан мамлекетке карата кыжырдануу сезимдерин жараткан. Ошол себептен бул көйгөйдү чукул арада чечиш керек эле. 2016-жылдан тартып аймактын ЖӨБ органы жергиликтүү бюджеттин долбоору жана анын аткарылышы боюнча коомдук угууларды өткөрүп, жергиликтүү элдин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктай баштады. Көчөлөрдү жарыктандыруу көйгөйүн чечүү тууралуу элдин өтүнүчүнө бийлик бюджеттеги каражат башка, бирок маанилүү инфраструктура үчүн жумшаларын айтчу. Мисалы, социалдык объекттердин (бала бакчалардын, мектептердин), эски жолдордун капиталдык жана күнүмдүк ремонту, суу түтүктөрүн алмаштыруу, таза суу жеткирген сегиз скважинанын ремонту, стационардык таштанды полигондорду жана контейнерлерди орнотуу өңдүү иштерден эле акча артпай калчу.

**ЧЕЧИМ: Чыгашалар жана жоопкерчилик жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жашоочулардын ортосунда бөлүштүрүлдү**

2019-жылдын июль айында бюджеттин долбоору боюнча кезектеги коомдук угууларга 98 адам катышып, айыл өкмөтү сурамжылоо жүргүзгөн. Анда ар бир катышуучуга өз көчөсүндөгү көйгөйдү жазып берүүнү өтүнүшкөн. Комиссия добуштарды эсептеп чыгып, сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча көчөлөрдүн





жарыктандыруусу айылдагы башкы көйгөйлөрдүн сап башына чыккан. Талкуу маалында жергиликтүү эл мындай чечимди сунуш кылды: ЖӨБ органы прожектор лампаларын, реле жана зымдарды сатып берет, андан кийин бул жабдуулар ар бир айылдын кварталчыларына жана активисттерине берилет. Алар көчөнүн жашоочулары менен өз алдынча орнотуп, туташтырып, колдонулган электр энергиясы үчүн акыны өз убагында төлөп, лампаларын алмаштырып турмай болушат.

Чыгымдарды эсептеп чыккандан кийин ЖӨБ органы бул тапшырманы аткарууга киришти. Жергиликтүү кеңештин депутаттары бюджетти бекитип беришти. Бул бюджетте көчөлөрдү жарыктандырууга 1 611 645 сом каралган эле. Буга кошумча 2019-жылдын декабрь айында Биринчи Май аймагынын "Көчөлөргө жарык орнотуу" долбоору Чүй өнүктүрүү фондунун конкурсун утуп алып, 486 927 сом көлөмүндө грантка ээ болду. Ошентип, жалпы суммасы 2 111 645 сомго 750 прожектор лампасы, 24 0000 метр зым жана 450 реле сатып алынган. Бул жабдууларды айылдын 12 кварталчысына таратып беришти. Алар болсо өз кезегинде прожекторлорду орнотуу максатында 10 электрмонтажчыны жалдашты. Булардын эмгек акысы үчүн жергиликтүү жамаат 375 000 сом өлчөмүндө акча чогултуп берген.

**ЖЫЙЫНТЫГЫ: аймактын 70 пайыздан ашык көчөсүнө жарык келди**

Натыйжада Биринчи Май ААнын Ак-Суу айылындагы 54 көчөдө электрбетон устундарга 750 прожектор лампасы жана 450 реле орнотулуп, 24 км зым өткөрүлгөн. Айылдын тургундары өз эсебинен колдонулган электр энергиясын тейлөөгө, алмаштырып турууга акча чыгарып турушат. Ошентип, аймактын 70 пайызына жарык келди. Айылдын жашоочуларынын көңүлү тынчып калды. Алар келген коноктorго, досторуна жана туугандарына айылдагы жашоо шаардан эч айырмаланбай калганын сыймыктанып айтып жатышат. Чогулуштарда жана коомдук угууларда жарык маселеси такыр көтөрүлбөй калды. Бирок ЖӨБ органы 2021-жылы аймактын калган 20 пайызына да жарык жеткирүүнү пландап жаткан чагы.

Биринчи Май ААнын айыл өкмөт башчысы Асылбек БАКИРОВ: "Эң негизгиси – элдин ыраазы болгону. Жайында балдар кеч кирсе да ойноп, чоңдор өзүн коопсуз сезип, жаш курагына карабай баары каалаган маалда спорт менен алектенип калганы, жол кырсыктарынын азайганы, кылмыштуулуктун, өзгөчө уурулук көрүнүштөрүнүн азайганы, Тез жардам машинелери өз убагында оорулуунун дарегин таап барганы абдан кубандырууда. Жалпысынан адамдардын маанайы көтөрүлүп калды. Элде ЖӨБ органына болгон ишеним да көбөйдү. Ал эми ишеним канчалык көп болсо, бизге да иштегенге жеңил болот да. Эң негизгиси – эл айылдын көйгөйлөрүнө көбүрөөк кызыгып калды, мурдагыга караганда байланыш түзүү оңой болуп, кайсы бир маселелерди өз алдынча да чечип калышты".

Айыл тургуну, пенсионер Тынчтыкбек КУРМАНАЛИЕВ: "Төрт неберем бар, аларды кышында эртең менен мектепке узатып чыгам. Себеби ата-энеси таң атпай жумушка кетишет да. Балдар эмес, жада калса биз, чоңдор да караңгы көчөлөрдү бойлоп баскандан коркчубуз. Эми болсо балдар мектепке өздөрү эле барышат, түн бир оокумга чейин ойноп жүрө беришет. Биз болсо үйдүн жанында чогулуп, кошуналар болуп чогуу убакыт өткөрөбүз. Уурулук тууралуу да укпай калдык. Жалпысынан жашоо оңолду, коноктор да каалаган учурунда келип, аларды узатып чыккан да, сейилдеп баскан да жыргал болуп калды. Биздин айыл шаардан эч айырмаланбайт – көчөлөр жарык жана ыңгайлуу. Бизге кам көргөнү үчүн жергиликтүү бийликке батамды берем".

**Социалдык натыйжалуулугу**

Долбоор ийгиликтүү ишке ашкандыктан жергиликтүүлөр да "ойгонгондой" болушту. Алар айылдын башка көйгөйлөрүн чечүү максатында ар кандай демилгелерди көтөрө башташты. Мисалы, өз күчү менен үч балдар аянтчасын куруп, тегерек четин тосуп чыгышты.

**Административдик натыйжалуулугу**

ЖӨБ органы жарандар менен иш алып баруунун сурамжылоо жүргүзүү өңдүү жаңы аспабын киргизди. Бийлик жергиликтүү жамаатты бириктиргенден тышкары, өзүнө болгон ишенимди да арттыра алды.

**Экономикалык натыйжалуулугу**

Айылдын 54 көчөсүнүн жашоочулары акча

чогултуп, прожекторлорду орнотуу боюнча жумуштарга акчаны өз чөнтөгүнөн чыгарышты. Мындан тышкары электр энергиясын жеткирүү боюнча тейлөө кызматтарына кеткен чыгымды да өздөрү көтөрүүдө. Жарыктын үзгүлтүккө учурабашына өздөрү кызыкдар болгондуктан, электр жарыгы үчүн акыны да кечиктирбей, өз убагында төлөп жатышат. Автоматтык реле болсо жарыкты күндүз өчүрүп, энергияны үнөмдөөдө.

**ЧЫГЫМДАР**

Бул долбоорду ишке ашыруу үчүн кеткен чыгашалардын жалпы суммасы 2 473 572 сомду түздү. Анын ичинде жергиликтүү бюджеттен 1 611 645 сом, Чүй өнүктүрүү фондунан 486 927 сом бөлүнсө, элдин акчалай салымы 375 000 сом болду.

**АЛЫНГАН САБАКТАР: жабдуу сапаттуу жана жаңы болушу керек, бул иште үнөмдөөгө болбойт**

Биринчи Май ААнын айыл өкмөт башчысы Асылбек БАКИРОВ: "Башында биз кол менен өчүрүлүп-күйгүзүлчү жөнөкөй жабдууну орнотконбуз. Бирок адам факторун эстен чыгарган экенбиз – дайыма кимдир бирөө жарыкты убагында өчүргөндү унутуп калат. Ошол себептен биз реле орнотуп, ал күн чыгаар замат жарыкты автоматтык түрдө өчүрөт. Бул релени биз азырынча көчөлөрдүн жарымында гана орноттук. Бирок бара-бара бардык жерде алмаштырылат. Бардык муниципалитеттерге көчөлөрдү жарыктандырууда ушул фактыны эстен чыгарбоо кеңешин беребиз. Өзгөчө колдонулган жарык үчүн жергиликтүү бюджет төлөгөн учурда бул акчаны абдан үнөмдөйт". М

# ИРРИГАЦИЯЛЫК СИСТЕМАГА КАПИТАЛДЫК РЕМОНТ ЖАСАЛГАНДАН КИЙИН ДЫЙКАНДАРДЫН ТҮШҮМҮ 30 ПАЙЫЗГА КӨБӨЙДҮ

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Петровка АА

**Петровка АА 2867 үй кожолугу жашаган үч айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 50 км алыстыкта орун алган. Аймакта 11 987 адам, анын ичинде 6097 аял (51%) жашайт. Элдин курамы көп улуттуу, бул айылда 26 улуттун өкүлдөрү жашашат. Жергиликтүү бюджет 16 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 19 кыймылсыз мүлк объектиси турат. Алар: АӨ имараты, үч мектеп, эки клуб, эки ФАП, бир ҮДТ, беш суу алгыч, бир китепкана, бир мечит, чакан футбол аянты жана жер участогу.**

**КӨЙГӨЙ: ирригациялык системанын бузулушу түшүмдү жоготууга алып келди**

СССР маалында колхоздун көзөмөлү алдында бүгүнкү Петровка ААнын аймагында бардык ирригациялык системалар сааттай эле иштечү – бардык скважиналардан суу чыгып, лоток системасы үзгүлтүккө учурабай, жерлер өз убагында айдалып турчу. Бул чөйрөдө элге кызмат көрсөтүү сапаттуу жеткирилип, сугат суу бардык жерге жетип, бул тынымсыз көзөмөлдөнүп, мунун натыйжасында түшүм да жакшы болчу. 1990-жылдан 2010-жылга чейинки мезгил аралыгында ирригациялык система талкаланып бүткөн: 36 насос станциясынын ичинен болгону сегизи иштеп, лоток системасы толугу менен талкаланып, ирригациялык каналдар ылай-баткакка толуп калган. Мурда бир чоң колхоз 700 дыйкан чарбасына бөлүнүп кеткендиктен жерди которуштуруп айдоого көзөмөл жасалбай калган. Бул болсо өз кезегинде сугат сууга болгон керектөөгө да таасирин тийгизип, айыл чарба








продукциясынын түшүмүнө зыян келе баштаган. Мындай жагдай жалпы аймактын экономикалык өнүгүүсүнө бут тосту.

2008-жылы ЖӨБ органы Суу пайдалануучулар ассоциациясы (мындан ары – СПА) менен ушул көйгөйдү чечүүгө аракет кылган. Жергиликтүү бюджеттен 200 000 сом бөлүнүп, бул акча эки километр ирригациялык каналды механикалык түрдө тазалоого гана жеткен. Жыл сайын СПА өз бюджетинде каналды жарым-жартылай оңдоп турууга чоң акча караштырганы менен, бул чаралар негизги көйгөйдү чече алган эмес. Ал эми сугат суунун саны аймактагы элдин муктаждыгын толук канааттандыра албай турду.

**ЧЕЧИМ**

Ирригациялык система өңдүү актуалдуу маселени чечүү үчүн ЖӨБ органы СПА менен биргеликте финансы каражатын жигердүү түрдө издей баштады. Акыры бул аракеттер жемишин берип, 2017-жылы аларга Суу чарба жана мелиорация департаменти (мындан ары – Департамент) кол сунду. Департмент айыл чарба продукциясын жана тамактанууну жакшыртуу боюнча Дүйнөлүк Банктын долбоорун аткарып жаткан эле. Петровка ААнын ЖӨБ органы СПА менен чогуу "Петровка ААнын сугат системасын калыбына келтирүү" деп аталган өтүнмөнү берген. Ошентип жалпы суммасы 94 млн. сомду түзгөн бул долбоор колдоо тапкан. Бирок долбоорду баштоо үчүн масштабдуу иштерди жасоого жергиликтүү жамааттын макулдугу керек эле. Айыл өкмөтү жана СПА биринчи кезекте беш айылдык чогулуш өткөрүп, ага майда чарбачылыктар, жергиликтүү тургундар, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Департаменттин жана Дүйнөлүк Банктын өкүлдөрү болуп, жалпысынан 350гө жакын адам катышкан. Чогулушта долбоор абдан жакшы талкуулангандыктан дыйкан чарбаларынын бул долбоор пайда алып келерине көзү жетти. Ошентип, Петровка ААда бул долбоорду ишке ашыруу тууралуу бир добуштан чечим кабыл алынды.

Натыйжада Департамент, СПА жана ЖӨБ органы ортосунда үч тараптуу келишим түзүлгөн. Анын негизги шарты – бөлүнгөн каражаттын 25 пайызын кайтарып берүү болду. Тагыраак айтканда, СПА 7 жылдын аралыгында 23 миллион сомду кайтарып берүүгө милдеттүү болчу. Мында ЖӨБ органы кепил катары чыкты.

Долбоор аткарчу тапшырмалардын бири – айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жакшыртуу болчу. Бул тапшырманы Департамент аткарды. Ал тендер өткөрүп, 2018-жылдын март айынан баштап подрядчыны жалдап, ирригациялык каналдарды калыбына келтирүүгө киришкен. 2021-жылдын башына карата жумуштардын 80% бүттү, каналдын 9 километри тазаланды, каналдын 17 километринин бетон бети толугу менен оңдолуп, 256 темир-бетон Г-блок, 104 суу чыгаруучу жана бөлүштүрүүчү курулма, 23 түтүк өтмө орнотулду. Ремонт иштери толугу менен 2021-жылдын март айында бүтөт деп пландалууда.

ЖӨБ органына жана СПАга жүктөлгөн дагы бир милдет – механизациялоонун деңгээлин

жакшыртуу жолу менен сугарылган жерлердин айыл чарбалык өндүрүмдүүлүгүн көбөйтүү. Бул тапшырманы аткаруу үчүн тендер аркылуу, сатып алуулар тууралуу мыйзамдарга ылайык 2020-жылы жалпы суммасы 2 млн. 233 миң сомго атайын техника – МТЗ-82 тракторy, суу чачкыч, фрезерчи-доминатор сатып алынды.

**ЖЫЙЫНТЫГЫ: дыйкан чарбасынын түшүмү 30 пайызга көбөйдү, дан жана май өсүмдүктөрү дагы да кирешелүү жемиш жана бакча өсүмдүктөрүнө алмаштырылды**

Узундугу 17 километр болгон, оңдолгон сугат каналдары дыйкан чарбасынын түшүмүнө он таасирин тийгизди. Эми сугат суу дыйкан чарбаларынын талаасына жана айылдык аймактын элине өз убагында жана сапаттуу түрдө жеткирилип жатат. Мурда суу эски каналдарда жоголуп кеткендиктен сугат суу бир күндө араң жетчү. Эми болсо суу 2-3 саатта эле келип калат. Жаңы атайын техника оңдолгон каналдарды өз убагында тазалап кеткендиктен, булганбай калды. Айыл чарба продукциясынын түшүмдүүлүгү 30 пайызга көбөйдү. Көпчүлүк дыйкан чарбалары жерди которуштуруп айдоонун эрежелерин сактап, кирешеси көбүрөөк болгон жемиштерди өстүрүүгө өтүп калды. Мурда дыйкан чарбалары негизги басымды дан жана май өсүмдүктөрүнө жасап келсе, эми анын ордуна рентабелдүү жемиш жана бакча өсүмдүктөрү келди. Долбоордон түз пайданы 300 дыйкан чарбасы жана 700 короо – жалпысынан 5000ге жакын адам көрүп жатат.

**ЧЫГЫМДАР**

Дүйнөлүк Банктын салымы 94 миллион сомду түздү (алардын ичинен 23 миллион сом кайтарылышы керек). 2021-жылдын башында бул акчанын 74 миллион сому сарпталды. СПАнын иш жүзүндө салымы 233 000 сомду түздү.

**Социалдык натыйжалуулугу**

Бул долбоор жергиликтүү жамаатты шыктандыра алды. Жергиликтүү тургундар ЖӨБгө ишеним артып, коомдук иш-чараларга, чогулуштарга жана жыйындарга жигердүү катыша баштышты. Жергиликтүү маанидеги маселени чечүү боюнча сунуштардын көбү жаштардан түшүп жатат. Петровка АА айыл өкмөт башчысы АСТАРОВ Данияр: “Жер участокторунун колдонуучулары, бул – аймактын бардык жашоочулары, талап кылынган көлөмдө сугат сууга жетип калышты. Суу келген убакыт да кыскарды. Талаа иштери күчөп турган маалда адамдар кезек-кезеги менен сугара баштаганда суунун тартыштыгынан улам чыр-чатак чыкчу. Эми болсо биз бул чөйрөдөгү кызматтарды сапаттуу түрдө көрсөтүүдөбүз. Негизги тапшырманы (сугат системасынын капиталдык ремонту) аткаргандан тышкары биз башка дагы максатты көздөгөнбүз – жергиликтүү жамаатты маселени чечүүгө тарткыбыз келген. Менимче, биз бул тапшырманы аткара алдык. Чогулуштарда бул көйгөйдү чогуу чечүү зарылдыгы тууралуу маалыматты жеткирип отуруп, адамдарды бириктире алдык. Биз иш жүзүндө инвесторлорду тартып, алар менен иштешкенди үйрөндүк”.

**Экономикалык натыйжалуулугу**

5 минден ашык адам жакшы сугарылган жерлерде дагы да кирешелүү айыл чарбасын жүргүзүп, өзүнүн экономикалык абалын оңдой алды. Дыйкан чарбасынын башчысы Виталий РАПИЕВ: “Мурда сууга зар болчумун, июнь айынан августка чейин бири-бирибиз менен тынбай урушчубуз, суу талашчубуз, талаа кургап, эмгегибиз жерде калчу. Камыштарды жок кылып, каналды тазалагандан кийин суу өз убагында, толук келе баштады. Көпүрө, өткөрмө жолдорду куруп, заставаларды орноттук. Эми өтүнмөгө канча суу керектигин жазсаң, ошол көлөм келет, болгондо да кечикпей жетет. Азыр эч кандай маселе жок, каалаган нерсебизди өстүрө алабыз, бул болсо бизге окшогон дыйкандар үчүн абдан пайдалуу да”.

**Административдик натыйжалуулугу**

ЖӨБ органы жергиликтүү жамаат менен тыгыз иштешкенди, алардын пикирине кулак төшөп, жүйөлүү сунуштарын кабыл алганды, элди айылдын көйгөйлөрүн иш жүзүндө чечүүгө тартканды үйрөндү. Жерге орноштуруучунун милдетин аткаруучу Алмаз КОЙКЕЕВ: “Мен тендер өткөргөндү, жалпыга маалымдоо каражаттары менен иштегенди үйрөндүм. Ошондой эле көптөгөн тажрыйбалуу адамдар, түрдүү муниципалитеттердин СПА директорлору менен таанышып, ишимди пландаганды үйрөндүм. Бул долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында көп жерге суу жетип, бул айыл чарба продукциясынын көлөмүнө жана сапатына абдан чоң таасирин тийгизип, жерлер өз убагында айдалып жатат”.

**АЛЫНГАН САБАКТАР: монолит бетонго караганда темир бетон чапталма лотоктор жакшы экен**

Жерге орноштуруучунун милдетин аткаруучу Алмаз КОЙКЕЕВ: “Эгерде долбоор жаңыдан башталганда мен монолит бетондун ордуна темир-бетон лоток орнотууну сунуш кылмакмын. Анткени ал эксплуатациялоо мөөнөтүн бир кыйла узартат экен. Ошондой эле айылдык аймакта сурамжылоо жүргүзүп, бул долбоорду ишке ашырууга макулдугун сурамакмын. Ар бир дыйкан чарбасы менен жекече макулдашып чыкканча өтө көп убакыт коротуп алдык”. М

# СОГУШТУН КААРМАНЫ, БАТКЕН ОКУЯСЫНЫН КАТЫШУУЧУСУНУН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛГАН ФУТБОЛ ТАЙМАШЫ

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Предтеченка АА

**Предтеченка АА 464 үй кожолугу жашаган эки айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 60 км алыстыкта орун алган. Аймакта 2 324 адам, анын ичинде 1 146 аял (49%) жашайт. Элдин курамы көп улуттуу. Жергиликтүү бюджет 4,9 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 14 кыймылсыз мүлк объектиси турат.**

2000-жылдын сентябрь айында Чаткал районунун аймагында ИИМдин атайын багыттагы бөлүгүнүн аскерлери менен террорчулар тобунун ортосунда катуу кармаш орун алган. Жети адамдан турган согушкерлер тобу жайлоодо малчынын үй-бүлөсүнүн үстүнөн түшүп, тамак талап кылган. Үйдүн кожоюну аялын күч кызматкерлерине жиберүүгө үлгүргөн. Ошентип террорчуларды жок кылууга ИИМдин атайын багыттагы жоокерлери жөнөп кеткен. Жоокерлер согушкерлерди курчоого алып, колго түшүп беришин талап кылышкан. Буга жооп катары согушерлер ок жаадырган. Төрт саатка созулган кармаштан кийин террорчулар толугу менен жок кылынган. Бирок атайын багыттагы жоокерлердин экөө набыт болуп, дагы экөө жараат алган. Согушкерлердин колунан өлгөн жоокерлердин бири – милициянын улук сержанты, Предтеченка айылынын тургуну Мирдин ТҮГӨЛБАЕВ болчу.

ТҮГӨЛБАЕВ Мирдин Жекшенович 1976-жылы туулган. Анын ата-энеси Жекшен жана Мунара Түгөлбаевдер дыйкандар. 1994-жылы Мирдин Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтөрүнө аскердик кызматын өтөөгө чакырылып, кызмат өтөп жаткан маалда үлгүлүү жүрүм-туруму жана аскердик кызматта жетишкен ийгиликтери үчүн Ардак грамотасы менен сыйланган. 1996-жылы аскердик кызматын өтөп келгенден кийин Москва районунун ички иштер органдарына кирип, 1998-жылы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин буйругу менен ИИМдин инспектор-кинолог кызматына дайындалган. 2000-жылдын 20-августунда Мирдин террорчуларды жок кылуу үчүн Баткен облусуна өз ыктыяры менен жөнөп кеткен. Согушкерлер менен кармашта аскердик милдетин аткарып жатканда, 2000-жылдын 11-сентябрында баатырдык менен көз жумган. Согушкерлерди жок кылууда көрсөткөн эрдиги үчүн 2001-жылдын 28-августунда Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен милициянын улук сержанты ТҮГӨЛБАЕВ Мирдин Жекшенович “Эрдик” медалы менен сыйланган.

Мирдиндин классташтарынын, кызматташтарынын жана Предтеченка айылынын тургундарынын демилгеси менен Мирдин Түгөлбаевдин элесин түбөлүккө калтыруу тууралуу чечим кабыл алынган: анын ысымы ата-энеси жашаган көчөгө ыйгарылган. Райондук ички иштер бөлүмүнүн жана коомчулуктун өтүнүчү менен Предтеченка орто мектебине кайраттуу сержанттын ысымы ыйгарылып, эстеликтин



обелискине аты чегерилген. Жаш муунда патриоттуулук духун тарбиялоо максатында мектептин аймагында музей ачып, Москва районунун жашоочулары арасында жыл сайын М. Түгөлбаевдин элесине арналган футбол турнирин өткөрүп туруу чечими кабыл алынган.

**ЧЫГЫМДАР**

Жылдык турнирди өткөрүүгө кеткен чыгымдардын жалпы суммасы 60 000 сомду түзөт. Мунун ичинен жергиликтүү бюджеттен 10 000 сом бөлүнөт, ал эми "Чекир-Суу" айыл чарба кооперативинин салымы 30 000 сомду, классташтарынын салымы 20 000 сомду түзөт. Таймашты өткөрүү үчүн каражатты негизинен демөөрчүлөр беришет. Турнирди жалпыга маалымдоо каражаттары чагылдырып турушат.

**Социалдык натыйжалуулугу**

Турнирдин жыл сайын өткөрүлүп турганы жергиликтүү футбол командаларын өнүктүрүүгө түрткү болуп, жаштар арасында сергек жашоого үгүттөп турат. Жыл сайын турнирге атайын бөлүктүн жоокерлери, М. Түгөлбаев кызматын өтөгөн аскер бөлүгүнөн жоокерлер келип, машыгууларды көрсөтүп беришет. Муну айылдын улуу да, кичүү да мууну чоң кызыгуу менен көрүшөт. Мындай жолугушуулар жаңы муунда патриоттуулук сезимин тарбиялоонун мыкты ыкмаларынын бири болуп калды.

"Чекир-Суу" СПА төрагасы Самед РАГИМОВ: "Каза болгон жоокердин элесине арналган футбол турнирин өткөрүү идеясын кош колдоп кубаттадым. Анын ата-энеси – Жекшен жана Мунара Түгөлбаевдер эмгек жолун "Москва" совхозунда баштаган эле. Бул совхоз азыр мен жетектеп жаткан "Чекир-Суу" Суу колдонуучулар ассоциациясына айланган. Мирдин Түгөлбаевдин үй-бүлөсүн баары сыйлашат, алар үлгүлүү баланы тарбиялай алышты. Ошол себептен баатырдын ысымын түбөлүккө калтыруу идеясын колдодум. "Чекир-Суу" жылдык фубтол турнирин өткөрүүгө туруктуу түрдө демөөрчүлүк колдоо көрсөтүп келатат.

Жоокердин атасы Жекшен ТҮГӨЛБАЕВ: "Мен 20 жылдан бери уулумду унутпай, арбагын сыйлап келе жаткан адамдардын баарына терең ыраазымын. Жыл сайын футбол жана көк-бөрү боюнча турнирлер өтүп турат. Уулумдун ысымы Предтеченка орто мектебине ыйгарылган, Баатырлардын аллеясында эстелиги тургузулган, мектепте Баткен окуяларынын музейи ачылган, биз жашаган көчөгө ысымы берилген. Бул үчүн үй-бүлөбүздүн атынан терең ыраазычылыгымды билдиргим келет".

М.Түгөлбаев атындагы орто мектептин






директору Ольга ШАШКИНА: "Бул окуя – каармандыктын сабагы, ошондой эле Мекенине берген антты сактоонун чоң үлгүсү. Биздин окуучубуз өз милдетин аткарып жатканда жанында ити да бар болчу. Мирдин көз жумганда куткаруучулар келгенге чейин ити бир карыш жылбай ошол жерде турган экен. Ошондон кийин ит эч бир инспектор-кинолог менен иштешкиси келбей койгондуктан аны эс алууга жиберишкен. Биз итти "Предтеченканын Хатикосу" деп атап алганбыз. Бул ит да кожоюнуна болгон берилгендиктин чоң үлгүсү".

Предтеченка айыл өкмөтүнүн башчысы Султан АЛЫГУЛОВ: "Мекенинин чек арасын коргойм деп өмүрүн садага чапкан каарман биздин айылда өсүп чоңойгону үчүн абдан сыймыктанабыз. Мирдин Түгөлбаевди мектепте окуп жүргөндө эле таанычумун. Ошол кезде эле ал демилгелүү, жоопкерчиликтүү бала болчу. Ал спорт (күрөш) менен алектенип, жүзү жарык, эч ким менен урушпаган, оор кырдаалда жардамга умтулган адам эле. Мүнөзү токтоо, абдан адилеттүү, өз өлкөсүнүн патриоту болчу. Жалпыга маалымдоо каражаттарында биздин каарман тууралуу маалымат аз экени өтө өкүнүчтүү. Анын ысымын республиканын булуң-бурчунда жашагандар билишин каалайт элек". М

# ЖОНУ ЖУКА 68 ҮЙ-БҮЛӨ ҮЧҮН СОЦИАЛДЫК ШААРЧА КУРУЛДУ

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Садовое АА

**Садовое АА 2 900 үй кожолугу жашаган бир айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 40 км алыстыкта орун алган. Аймакта 10 456 адам, анын ичинде 5378 аял (51,43%) жашайт. Элдин курамы көп улуттуу. Жергиликтүү бюджет 16 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 8 кыймылсыз мүлк объектиси турат. Алар: АӨ имараты, эки мектеп, бир клуб, бир бала бакча, үч суу алгыч.**

**КӨЙГӨЙ: социалдык шарты начар, аялуу үй-бүлөлөрдүн өз үйү жок**

Садовое ААнын аймагында адам көп жашайт. Бул жерде көп балалуу, жону жука үй-бүлөлөр, анын ичинде жалгыз бой энелер жана жесирлер да бар. Жалпысынан расмий социалдык паспорту бар 360 адамдын турак жай алууга мүмкүнчүлүгү жок. Себеби алардын чакан кирешеси балдарды багууга гана кетип калат. Мындан тышкары айылда көп балалуу үй-бүлөлөр да аз эмес, 700дөн ашык адам жеке турак жай куруу үчүн жер участогун алууга кезекте турушат. Бул маселени чукул арада чечиш керек эле, себеби үй-бүлөгө муктаждар күн санап көбөйүп жаткан. Оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн турмуш шартын оңдоо максатында ЖӨБ органы ар кандай чараларды көрүп, аларды азык-түлүк, көмүр, кийим-кече менен камсыздап келген. Бирок ЖӨБ органы турак жай маселесин өз алдынча чече албай жаткан, себеби бул үчүн өтө көп акча керек эле.

**ЧЕЧИМ: социалдык турак жайдын курулушу үчүн жер участогун бөлүп берип, инвестор табуу**

Садовое айылынын ЖӨБ органы тыштан жардам тартып келүү боюнча иштерди туруктуу жасап турат. Эл аралык уюмдар менен иштөө тажрыйбасы да бар. Колдоо көрсөтүү долбоорлор тууралуу жаңылыктарды адатта муниципалитет райондук мамлекеттик администрациянын чогулуштарында алат. Мына ошондой апта сайын өтүп турган чогулуштардын бирinde "Ас-Сафа Борбору" кайрымдуулук уюмунун өкүлдөрү менен жолугушуу болду. Уюмдун өкүлдөрү райондун ЖӨБ органдарына эки же анда көп баланы чоңойтуп жаткан жалгыз бой аялдарды, жесирлерди үй менен камсыз кылуу боюнча долбоорду ишке ашырууну сунуш кылган.



Тандоонун жыйынтыгы боюнча долбоордун критерийлерине Садовое айылдык аймагы туура келген. 2018-жылдын июнь айында "Ас-Сафа Борбору" Садовое айылдык аймагынын ЖӨБ органына кайрылып, Москва районунун жана Кыргызстандын башка аймактарынын жону жука үй-бүлөлөрү үчүн социалдык шаарча куруп берүү боюнча биргелешкен долбоорду ишке ашыруу үчүн жер участогун бөлүп берүүнү өтүнүшкөн. Ири масштабдагы долбоорду ишке ашыруу үчүн ЖӨБ органы аянты 1,65 гектар жер участогун бөлүп берип, мамлекеттик инстанцияларда, анын ичинде архитектура, өрт, санитардык-эпидемиологиялык органдарда документтерди жол-жоболоштуруу боюнча бардык уюштуруу иштерин өз моюнуна алган. Документтердин топтомун жол-жоболоштурууга кеткен чыгымдын баарын "Ас-Сафа Борбору" көтөргөн.

2018-жылдын сентябрь айында капсуланы салуу салтанаты өтүп, социалдык шаарчанын курулушу расмий башталган. Бардык курулуш иштерин "Ас-Сафа Борбору" каржылады. Ошентип 68 үй-бүлөгө эсептелген 17 көп батирлүү коттедж үйлөр курулган. Шаарчада социалдык объекттер – балдар аянтчасы, ФАП, мечит, дүкөн да кошо курулуп, тигүүчү цех менен күнөскана пландалып жатат.

Социалдык шаарчада үй алууга талапкерлердин баштапкы тандоосун ЖӨБ органы жүргүзгөн. Жону жука үй-бүлөлөрдөн жазуу жана оозеки түрүндө кайрылуулар "Ас-Сафа Борборунун" тандоо комиссиясына берилген. Борбор өз кезегинде өтүнмө бергендердин турмуш шартын текшерип чыккан. Бул текшерүүнүн жыйынтыгы менен комиссия Садовое ААдан 22, Беловодск

ААдан 13, Петровка ААдан 7, Биринчи Май ААдан 4, Александровка ААдан 4 жана Кыргыз Республикасынын башка аймактарынан 13 үй-бүлөнү тандап алган.

**ЖЫЙЫНТЫГЫ: Көп батирлүү 17 коттеджге 68 үй-бүлө көчүп кирди.**

2019-жылдын апрель айында социалдык шаарчанын расмий ачылышы чоң салтанаттуу азем менен коштолуп, 17 коттеджге 68 үй-бүлө көчүп кирген. Үй-бүлөлөргө батирдин ачкычы тапшырылып, ар бир үйдүн эрежеси менен тааныштырып чыгышкан.

Ошентип калктын аз камсыз болгон катмары үчүн турак жай маселеси чечилди. Болгондо да үй менен жергиликтүү тургундар гана эмес, өлкөнүн башка аймактарынын жашоочулары да камсыз болушту. 68 жалгыз бой эне жана алардын балдары өз коломтосуна ээ болушту. Эми алар өз үй-бүлөсүнүн тагдырына сарсанаа болбой калышты. Себеби аларда келечекке болгон үмүт оту жанды. Эми бул жаңы үйлөрдө 289 адам жашап жатат.

Садовое АА айыл өкмөт башчысы Муратбек ДОЛЕТКУЛОВ: "Мен жана мага окшогон көптөгөн адамдар балдарын жалгыз багып жаткан энелерди көрүп боорубуз ооручу. Ошол себептен калктын аялуу катмарынын кайсы бир маселесин чече алганыбыз маанилүү. Бул долбоор көп жагынан уникалдуу болуп турат. Биринчиден, биз кайрымдуулук уюмунун сунушуна ыкчам жооп кайтарып, чогуу-чаран бул долбоорду жигердүү түрдө колдоп бердик. Ал эми жергиликтүү кеңештин депутаттары эч создуктурбастан жер участогун бөлүп берүүгө макул болушту. Болгондо да айылдын борборунан жер бөлүндү. Экинчиден, биз аймактагы аялдарга гана эмес, өлкөнүн башка региондорунда жашаган аялдарга да жардам бере алдык. Үчүнчүдөн, бир батирди кызматтык деп бөлүп берүүгө инвесторлорду ынандыра алдык. Азыр ошол үйдө медайым жашайт, ал каалаган учурда элеттиктерге алгачкы медициналык жардамды көрсөтө алат. Мурда айылда мындай мүмкүнчүлүк болгон эмес".

Садовое айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы: "Азыркы заманда үйлүү болуу чындап эле өтө оор. Жаш үй-бүлөлөр батирден батирге көчүп мындан улам үйдө чыр-чатак да көп болуп, көп үй-бүлөлөр ажырашып кетүүдө. Жергиликтүү бийлик чоң иш жасады деп ойлойм. Бул абдан натыйжалуу ыкма болду. Анткени эгерде аянты 1,65 гектар жерди ар жеке турак жай курулушуна бөлүп бергенде 68 үй-бүлөнүн ордун 16сы гана жерге ээ болмок. Биз 68 үй-бүлөгө үмүт бердик. Эми алар "батирдин акчасын кайдан табам","качан үйдөн кууп чыгышат" деп санаага батпай калышты.

**Социалдык натыйжалуулугу**

Социалдык шаарчанын жашоочусу Алеся МОМУНТАЕВА: "Менин беш балам бар: бир кыз, төрт уулду тарбиялап жатам. Мен 12 жыл бир батирден экинчисине көчүп жүрүп күн көрдүм. Башымдан эмне гана өткөн жок. Кышында үйдөн кууп чыккандар да болду, бараар жерибиз жок, төлөйүн десе акча жок... Ошондон бери 12 үйгө көчүптүрбүз. Бирок бүгүн абдан бактылуумун. Себеби жергиликтүү бийлик жана инвестор бизди үйлүү кылды. Биз бул үй канчалык ыңгайлуу болгонун көчүп киргенде эле сездик. Балдар жагымдуу шартта уктап, ойгонуп жатышат, мурдагыдай көп оорубай да калышты. Бул үй бизди ар балээден сактайт деп ишенем, биз бактылуу болобуз. Себеби келечегибизден коркпой калдык, жакшы пландар, үмүт, дем пайда болду. Биздин курч көйгөйүбүздү чечип бергендердин баарына терең ыраазымын!".

**Административдик натыйжалуулук**

Социалдык маселени чечүү боюнча ишке ашырылган долбоор ЖӨБ органы бир кыйла эле чоң жер участогун бөлүп берүү тууралуу маанилүү, саясий чечимди кабыл алып, мунун натыйжасында балдарын жалгыз тарбиялаган энелердин үй маселесин оңунан чечип бере алганынын үлгүсү болуп калды. Мындан тышкары элеттик ЖӨБ органдарында кадр тартыштыгы бар болгону баарына эле белгилүү эмеспи. Кызматкерлерди шыктандыруу үчүн жеринде шарттарды түзүп бериш керек. Ошондуктан Садовое ААнын ЖӨБ органынын жана "Ас-Сафа Борборунун" чогуу кабыл алган чечими менен бир үй айыл өкмөтүнүн турак жайга муктаж кызматкери үчүн бөлүнүп, ведомстволук үй катары катталды. Эгерде айыл өкмөт аппаратынын кызматкеринде үйгө байланышкан маселе жаралса, ал иштен кетпей, жумушун ушул жерде уланта бериши үчүн кызматтык батирди колдоно алат. Бул үйдө турак жайдан кыйналган айыл өкмөтүнүн кызматкери убактылуу жашап турду. Азыр бул үйдө медайым жашап жатат.

**Экономикалык натыйжалуулугу**

Бул долбоорго инвестицияны "Ас-Сафа" аттуу араб кайрымдуулук фонду салды. Фондду Бириккен Араб Эмираттарынын шейхи Мухаммад Абдурахман Альшайя мырза негиздеген. Долбоор үй бергенден тышкары жергиликтүү тургундарды жумуш менен камсыздоо максатын да көздөйт. Социалдык шаарчанын долбоорунда 40 орундуу тигүүчү цехти, 50 кишини жумуш менен камсыздай турган 3,5 гектар күнөсканы куруу пландары бар. Бул цехте жана күнөсканада үйлүү болгон аялдар иштейт. Документтер даяр болгондуктан ушул жылы курулуш иштери да башталат.

**ЧЫГЫМДАР**

Чыгымдардын жалпы суммасы белгисиз, себеби долбоор араб фондунун колдоосу менен ишке ашырылган, ал эми анын өкүлдөрү муктаждарга ыктыярдуу жардам берүү боюнча ислам принциптерин сактагандыктан жумшаган акчаны ачыкка чыгарышпайт. Социалдык шаарчанын курулушуна болжол менен 100 миллион сомдон ашык акча жумшалган болушу ыктымал.

**АЛЫНГАН САБАКТАР: Башкы планда муниципалдык жерлердин катаал максаттуу багыттарынын ордуна, муниципалитетти ийкемдүү жол менен кетүүгө шарт түзгөн укуктук зоналоону киргизиш керек**

Садовое айыл өкмөт башчысынын орун басары Николай МОИСЕЕНКО: "Социалдык шаарчанын курулушун баштап жатканда бир маселеге туш болдук: инвесторго жаккан жерлер спорттук-ден соолук чыңдоочу объекттеринин курулушуна гана берилери белгилүү болду. Натыйжада ал жерлердин максаттуу багытын өзгөртүү маселесин чечүүгө туура келди. Мамлекеттик долбооорлоо институтуна кайрылып, Садовое ААнын Башкы планына өзгөртүүлөрдү киргизүү иштери өтө көп убакытты жана дыкат даярдыкты талап кылды. Башкы план мынчалык катаал болбошу керек. Кээде муниципалдык жерлерге киргизилген катаал максаттуу багыттарынын ордуна укуктук зоналоо гана жетиштүү болот экен. Мейкиндикти пландоого карата мамиле өзгөрүшү керек деп ойлойм. Ал ЖӨБ органына бут тоспостон, өз аймагын өнүктүрүүгө кол кабыш болууга тийиш" М

# КӨЗ КОРКОК, КОЛ БААТЫР: ЖӨБДҮН ЖАНА ЖАМААТТЫН КҮЧҮ МЕНЕН ИМАРАТ КАНТИП БАЛА БАКЧАГА АЙЛАНДЫ?

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Сретенка АА

**Сретенка АА 1118 үй кожолугу жашаган үч айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 60 км алыстыкта орун алган. Аймакта 5293 адам, анын ичинде 2621 аял (50%) жашайт. Элдин курамы көп улуттуу, бул айылда кыргыздар, өзбектер, орустар, тажиктер, түрктөр, татарлар, азерилер ж.б. жашашат. Жергиликтүү бюджет 7 млн. 463 миң сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 13 кыймылсыз мүлк объектиси турат. Алар: АӨ имараты, бала бакча, үч мектеп, эки клуб, ФАП, ҮДТ, карылар үйү, социалдык жай, суу алгыч, эки китепкана.**

**КӨЙГӨЙ: айылда бала бакча жок**

Сретенка айылдык аймагы СССР кулагандан кийин ири жана бай "Россия" колхозунун базасында түзүлгөн. Колхоз калктын 90% жумуш менен камсыз кылган, адамдар бакубат турмушта жашачу. Ошол мезгилде колхозчулардын балдары тарбияланган үч бала бакча иштечү. СССР кулагандан кийин адамдар мүлкүн жана жер үлүштөрүн бөлүштүрө баштаган. Колхоздун мүлкү менчиктештирилип, адамдар иш издеп башка өлкөлөргө кете баштады, жумушсуздук маселеси курч турган эле. Бирок айрымдар «Россия» дыйкан чарбаларында ишин уланта берген. Колхоз жоюлуп кеткендиктен бала бакчалар да жабылган. Себеби аларды мурда колхоз карачу. Убакыттын өтүшү менен пайдаланылбай жаткан бала бакчанын имараттары талкаланып, жок боло баштады. Алардын бири Тажикстандан келген качкындарга турак жай катары берилсе, экинчиси мектеп мугалимдерине үй катары берилген. Ал эми үчүнчүсү Сретенка ААнын ЖӨБ органдарына муниципалдык менчикке өткөрүлүп берилген. Кийин бул имаратта башталгыч мектеп ачылган. Натыйжада 2009-жылга чейин айылда бир дагы бала бакча болгон эмес. Ошол жылы мектептин бир канатын 20 орундуу бала бакча кылып өзгөртүү тууралуу чечим кабыл алынган. Бирок бул чечим көйгөйдү чече алган жок, орундар дагы эле тартыш болчу. Балдарын караарга киши жок, көптөгөн ата-энелер ишке чыга албай үйдө отурууга мажбур эле. Качкындардын – Тажикстандан келген этникалык кыргыздардын, көпчүлүгү көп балалуу үй-бүлөлөрдүн агымына байланыштуу мектепке чейинки курактагы балдардын санынын кыйла көбөйүшү кырдаалды курчутту. Бала бакчанын жоктугу өтө курч көйгөйгө айланды. Ар бир чогулушта тургундар бала бакча маселесин эң артыкчылыктуу деп атап, чукул арада чечүүнү талап кылышчу. Бирок ЖӨБ органдарында баш чайкагандан башка айласы жок эле. Себеби айылдык аймак дотацияда турат, бала бакчаны ачуу үчүн финансы ресурстары такыр каралган эмес.

**ЧЕЧИМ: имаратты муниципалдык менчикке өткөрүп алып, демөөрчүлөрдүн, ЖӨБдүн жана жамааттын күчү менен калыбына келтирүү**

2012-жылы "Россия" бириккен дыйкан

чарбасынын кеңсе имараты сатыкка коюлгандыгы тууралуу маалымат пайда болгон. Имарат салыштырмалуу жаңы эле, 1979-жылы курулган, эки кабаттуу, аянты 320 м2, чектеш аймагы да чоң. Адамдар жамаатта бала бакча маселеси курч турган чакта имарат бөтөн бирөөнүн колуна түшүп калышы мүмкүн деп кооптонгон. Айыл өкмөтү жергиликтүү жамааттын жана "Россия" бириккен дыйкан чарбасынын өкүлдөрүнүн катышуусунда атайын чогулуш өткөрүп, анда имаратты сатуу маселеси талкууланды. "Россия" дыйкандар чарбасы элдин өтүнүчүнө көнүп, имаратты ЖӨБ органынын чөнтөгүнө чап баада сатууга макулдугун берген. Натыйжада эки кабаттуу имарат жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1,5 миллион сомго муниципалдык менчикке сатып алынды.

ЖӨБ органы аймактагы эң курч көйгөйлөрдүн бирин чечүү үчүн бала бакчанын имаратын кайрадан долбоорлоону чечти. Бирок имаратты калыбына келтирүү, аны бала бакчага ылайыкташтыруу үчүн ири каражат керек эле. Башкаларга окшоп эл аралык уюмдарга, АРИСке, Финансы министрлигине, ар кандай фонддорго да жардам сурап кайрылышкан, бирок көпкө чейин каражат табуу мүмкүн болбой турду.

Бирок убакыт өтүп, элеттик муниципалитеттерде мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүүгө көмөктөшкөн кореялык "Биздин кыял" коомдук кайрымдуулук фонду жардамга келди. Фонддун өкүлдөрү Сретенка ААны тандап алышкан. Себеби алар калктын долбоорду биргелешип ишке ашырууга ниети бекем болгонуна ынанышкан. Алар айыл өкмөтү менен биргеликте эсептөөлөрдү жүргүзүшүп, жергиликтүү элдин жана айыл өкмөттүн жамаатынын күчү менен имараттын эски эшиктерин, терезелерин жана панелдерин талкалашты. Андан соң фонд айыл тургундарынын арасынан 10 жумушчуну жалдап, курулуш материалдарын сатып алып, ишти каржылаган: бөлмөлөрдү кеңейтип, шпаклевка жасап, дубалдарын жана шыптарын сырдап, акташкан, ванна бөлмөлөрү, кир жуучу жай, ашкана кылып, өзүнчө от казан жасап, жылуулук орнотуп беришти. Имаратты реконструкциялоого кеткен жалпы сумма болжол менен 2,5 миллион сомду түздү.

Имаратты реконструкциялоону аяктагандан кийин фонд 85 орунга эмеректерди (керебеттер, шкафтар, столдор, отургучтар) жабдып, ашкана жабдууларын жана шаймандарын, сантехниканы жана кир жуугуч машиналарды сатып алды. Жабдуулардын жалпы баасы болжол менен 2 миллион сомду түздү.



Сретенка АА айыл өкмөтүнүн башчысы Узакбек САРАЛАЕВ: "Көпчүлүк бул долбоор качандыр бир кезде ишке ашат деп ишенишкен эмес, имаратты калыбына келтирүү үчүн өтө эле көп каражат талап кылынган. Биз болсо алдык да, жасап салдык. "Көз коркок, кол баатыр" деп жөн жерден айтылбаса керек".

Турак жай-коммуналдык чарба жана өзгөчө кырдаалдар боюнча адис Дайырбек ТОКТОНИЯЗОВ: "Бул көйгөйдү чечүү өтө кыйын болду, жеке менде мындай долбоорду ишке ашыруу тажрыйбасы буга чейин болгон эмес. Эл ишенбей, алгач Фонд тарабынан жалданган жумушчулардын ишине жана алар менен кошо иштеген айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине чочулоо менен карап жатышты. Бирок андан кийин алгачкы жыйынтыктарды өз көздөрү менен көрүп, жергиликтүү тургундар өздөрү да тартыла баштады. Алар чын ниети менен келип жардам беришти. Алардын жардамы менен аймакты тазалап, имараттын дубалдарын коогздоп чыгышты".

Айыл тургундары жана айыл өкмөттүн жамааты ишке жигердүү кошулуп, 50гө жакын адам ишембиликтерге катышып, 10 күндүн ичинде 80 сотых жердеги бала бакчанын аймагын толугу менен тазалашты: тиричилик жана курулуш таштандыларынан, кургак чөптөрдөн жана бадалдардан толугу менен тазалап чыгышты. Жалпысынан жергиликтүү жамааттын эмгек салымы 250000 сомду түздү. Жергиликтүү кеңештин депутаты Виктор СТАСЕНКО өз чөнтөгүнөн 7000 сомго үч кийим чечинүүчү орундукту сатып алды. Айыл тургуну Алмаз КОЖОМУРАТОВ 8000 сомдук эки килем сатып алды.

**ЖЫЙЫНТЫГЫ:**
**84 орундуу жабдылган бала бакча**

Кайрымдуу адамдардын, ЖӨБ органдарынын жана жамааттын биргелешкен аракеттери менен курч көйгөй чечилди – айылда бардык шарттар менен толук кандуу жабдылган, 84 орундуу "Үмүт-Шатысы" деп аталган бала бакча пайда болду. Жаңы бала бакчанын салтанаттуу ачылышы 2018-жылдын 6-сентябрында болуп, ага 70 тарбиялануучу келген.

14 жумуш орду пайда болду: үч тарбиячы, үч бала багуучу, бала бакчанын башчысы, ашпозчу, эки күзөтчү, көчө шыпыргыч, эки от жагуучу, музыка мугалими. Фонд корей тилин үйрөтүүгө жана таэквондо сабактарына каражат бөлгөн. 2021-жылы "Үмүт-Шатысы" бала бакчасында 84 бала тарбияланып жатат, алардын арасында коңшу аймактардан келген балдар да бар.

**Социалдык натыйжалуулугу**

Балдар толук кандуу мектепке чейинки билим алышууда, бул маселени чечүү үчүн калк бириге алды.

**Административдик натыйжалуулугу**

ЖӨБ органы кайрымдуулук жардамын тартууга жана калкты мобилизациялоого үйрөндү

**Экономикалык натыйжалуулугу**

Балдардын ата-энелери жумушка орношо алышты, үй-бүлөлөр кирешесин көбөйтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту, 14 жаңы жумуш орун түзүлдү

Бала бакчада тарбияланган баланын энеси З. ДЖООШБАЕВА: "Менин балам жылуу, ыңгайлуу жайлуу бала бакчада тарбияланып жатканына кубанычтамын. Кызым үчүн санаам тынч, анын көзөмөлдө экенине толук ишенем, режимди сактайт жана билим алат. Жыйынтыгы эмитеден эле көрүнүп турат: кызым ырларды ырдайт жана ырларды окуп берет, ал кээ бир корей сөздөрүн айта баштады, бала бакчага сүйүнүп барат. Өзүмдө убакыт пайда болду, эми жумушка орношо алам. Бизге ушундай зарыл мекемени тартуу кылгандардын баарына рахмат", - деди.

**ЧЫГЫМДАР**

Жалпы чыгымдар 6 297 034 сомду түздү, анын ичинде кореялык "Биздин Кыял" коомдук кайрымдуулук фондунун салымы 4 600 000 сомду түздү; жергиликтүү бюджеттен 1 432 034 сом бөлүнсө; жергиликтүү жамааттын акчалай салымы 15 000 сом; жергиликтүү жамааттын эмгек салымы 250 000 сом болду.

**АЛЫНГАН САБАКТАР:**

**Эрте эле башташ керек экен**

Бул долбоорду эртерээк башташ керек эле. 90-жылдардан 2012-жылга чейин аймакта төрөлгөн балдардын бүтүндөй мууну мектепке чейинки билим албай калышты. Бул болсо алардын мектепке киргенде көнүп кетишине, ата-энелердин жумушка орношуусуна жана аялдардын абалына таасирин тийгизген, анткени көп энелерде ишке кирүүгө мүмкүнчүлүк болгон эмес.

М

# ТӨЛӨК АЙЫЛЫНЫН АЯЛДАРЫ БАЛА БАКЧАНЫ ОҢДОТО АЛЫШТЫ

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Төлөк АА

**Төлөк АА 230 үй кожолугу жашаган бир айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 80 км алыстыкта орун алган. Аймакта 1420 адам, анын ичинде 728 аял (51%) жашайт. Улуттук курамы: кыргыздар. Жергиликтүү бюджет 2,8 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 6 кыймылсыз мүлк объектиси турат.**

**КӨЙГӨЙ: аялдар биригип, колдоого ээ болушту**

2019-жылдын июнь айында Төлөк айылынын жаш энелери демилгелүү топ түзүп, кырдаалды талдап, бала бакчаны капиталдык ремонттон өткөрүү жана кайра ачуу боюнча долбоордун планын иштеп чыгышты. Демилгелүү топ жергиликтүү өз алдынча башкаруунун колдоосуна ээ болду. Мисалы, Төлөк жергиликтүү кеңеши айыл өкмөтүнүн аппаратынын сунушу менен, бала бакчаны калыбына келтирүү үчүн жергиликтүү бюджеттен 1 306 000 сом бөлүп берген. Андан кийин республикалык бюджеттен 2 577 000 сом суммада дем берүүчү грант алууга мүмкүн болду. Бул каражатка төмөнкүдөй иштер бүткөн: дубалдарга жана шыптарга капиталдык ремонт жасалды, эшик жана терезе блоктору алмаштырылды, жылуулук, суу менен жабдуу жана канализация системалары орнотулду, бакчанын фасады оңдолуп, бактын аймагы тосулду. Андан соң долбоорду Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын





Өнүктүрүү фонду колдоп берип, 1 100 000 сом бөлүнүп берилди. Бул акчага керебеттер, шейшептер жана идиш-аяк, ашкана шаймандары, муздаткыч жана кир жуугуч машиналар сатылып алынды. Жергиликтүү жамааттан 300 000 сом өлчөмүндө демөөрчүлүк каражат чогултулуп, ал акчага жабдуулар (компьютер жана принтер) жаңыртылып, балдар аянтчасы (дөбө, селкинчектер, каруселдер) курулган.

**ЖЫЙЫНТЫК: 80 бала мектепке чейин билим алышууда**

Бардык жумуштар 2019-жылдын июнь айынан 2019-жылдын сентябрь айына чейинки мезгил аралыгында бүттү. COVID-19 пандемиясына байланыштуу бала бакча 2020-жылдын сентябрь айында өз ишин баштады. Ошентип 80ге жакын бала толугу менен оңдолгон бала бакчада заманбап шарттарда билим алып, мектепке даярдана башташты.

**Социалдык натыйжалуулугу**

Жайыт комитетинин төрагасы, Жайыт пайдалануучулар коомдук бирикмесинин төрагасы Абдыбек ТАЯТАЕВ: “Эки неберем бар. Бала бакчага бара баштагандан бери алар бийлегенди, сүрөттү кооз тартканды, ыр окуганды үйрөнүштү. Алар орус тилин да үйрөнүп алышкан экен. Бул үчүн тарбиячыларына ыраазычылыгымды билдиремин”. Бердигул атындагы мектептин мугалими Күмүшай АБДЫКЕРИМОВА: “Мугалим катары белгилеп кетсем, мурда балдар мектепке бир тамганы билбей келчү, алар коомго аралашууга даяр эмес эле. Алар бала бакчаларга барып, мектепке чейинки билим алган курбуларынан бир топ артта болушчу. Алар окуу процессинен коркушчу, теңтуштары менен тил табыша албай, мектепке чейинки курактагы баланын негизги көндүмдөрүн билишчү эмес. Эми бул маселе чечилди жана балдардын келечеги жакшы болот!”.

**Экономикалык эффективдүүлүгү**

Төлөк АӨ башчысы Эвертбек МАМАТОВ: “Жергиликтүү бала бакча оңдолгондон бери айрым аялдар кошуна район борборлоруна жана шаарларга барып, иштеп келе баштаышты. Себеби эми балдарымды кимге калтырам деп башы оорубайт. Калган аялдар болсо үй-бүлөсүнө көбүрөөк көңүл буруп, күйөөлөрүнө айыл чарба иштеринде кол кабыш кылып калышты. Бул жергиликтүү тургундардын экономикалык бакубатчылыгын кыйла көтөрдү”. Төлөк айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Назгүл КУТМАНБЕКОВА: “Акыры биргелешкен аракеттердин натыйжасында биздин бала бакча калыбына келтирилди. Менин беш балам бар, эне катары биздин айылда бала бакча кайрадан иштей баштаганына, дагы кошумча 11 жумуш орун пайда болгонуна жетине албай турамын. Эми балдарыбыз мектепке даяр болуп барышат”.

**ЧЫГЫМДАР**

Долбоордун жалпы наркы 5 283 000 сомду түздү, анын ичинде жергиликтүү бюджеттен 1 306 000 сом, дем берүүчү грант катары 2 577 000 сом, Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын Өнүктүрүү фондунан 1 100 000 сом жана демөөрчүлөрдөн 30 000 сом бөлүндү. M

# ЭПИДЕМИЯДАН КОРГОНУУ – БУЛ СЕРГЕК ЖАШОО, БИРИ-БИРИНЕ КОЛ СУНУУ ЖАНА АЙЫЛДА ЖАКШЫ ФАПТЫН БОЛУШУ

Чүй облусунун Москва районуна караштуу Целина АА

**КӨЙГӨЙ: көзгө көрүнбөгөн, белгисиз жоонун чабуулу**

2020-жылдын март айында өлкөдөгү башка көптөгөн муниципалитеттердей эле Целина айылдык аймагы да COVID-19 эпидемиясына биринчи жолу туш болду. Ар бир жашоочу коркунучту жон териси менен сезип, илдет каалаган жерден, каалаган учурда илешип аларын билип калды. ЖӨБ органдарында жана жарандарда көзгө көрүнбөгөн душман менен күрөшүү тажрыйбасы болгон эмес.

**ЧЕЧИМ: биримдик жана өз ара колдоо**

Райондо карантин киргизилгени жарыяланган күндүн эртеси, 2020-жылдын март айында Целина

**Целина АА 280 үй кожолугу жашаган бир айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 80 км алыстыкта орун алган. Аймакта 1792 адам, анын ичинде 882 аял (49%) жашайт. Айылда көп улуттун өкүлдөрү жашашат. Жергиликтүү бюджет 2,9 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 13 кыймылсыз мүлк объектиси турат.**

аймагынын жаштар комитети өз демилгеси менен айылдын кире беришине өткөрмө бекеттерди орнотуп чыгышкан. Күнү-түнү нөөмөттө тургандарды жашоочулар өз күчү менен ысык тамак менен камсыз кылып турушту. Акча чогултуп, ага айылдын бардык көчөлөрүн дезинфекциялоо үчүн 150 кг хлор сатып алынды. Техниканы болсо жергиликтүү дыйкандар беришкен. Коронавируска каршы коргонуу үчүн зарыл болгон санитардык ченемдерди сактоо зарылдыгы жөнүндө үн күчөткүч аркылуу тынымсыз айтылып турду. Жергиликтүү демөөрчү бир рулон марли сатып берип, эки келин беш күндүн ичинде үйдө отуруп 2000 беткап тигип беришти. Бул беткаптар аз камсыз болгон, көп балалуу үй-бүлөлөргө жана пенсионерлерге таратылган. Аймакта коронавирус пандемиясынын "биринчи толкуну" учурунда илдет менен катталган бир да адам болгон жок. Бирок "экинчи толкун" оор сыноо менен келип, көпчүлүгү ооруп калышты. Мына ушундай оор мезгилде аймак тургундары өзүн жоготуп койгон жок. Жалпыга маалымдоо каражаттарында бул инфекция адамдын өпкөсүн жабыркатары, өлкөдө адамдардын өмүрүн сактап калуу үчүн медициналык жабдуулар жетпей жатканы тууралуу кабарлар желдей тарады. Муну уккан элеттиктер үч күндүн ичинде 70 000 сом топтоп, ал акчага кычкылтек концентраторун жана пульс өлчөгүчтү, 2 санариптик термометрди ж.б. сатып алышты. Эпидемиянын учурунда кычкылтек концентратору айылдагы беш адамдын өмүрүн сактап калды. Айылда дарыкана болбогондуктан, ал эми дары-дармектер маселеси курч тургандыктан, Целина айыл өкмөтү чукул арада 46 000 сомго дары-дармек сатып алды. Кесиби боюнча дарыгер жергиликтүү тургун Хасан ЧАЛАБАЕВ муктаж болгондордун бардыгына жардам көрсөтүп жүрүп, натыйжада өзү да катуу ооруп калган. Айылдаштары ага колдоо көрсөтүп, сакайып кетишин тиленип отурушту. Целина аймагынын клуб башчысы Жазгүл УМУРАЛИЕВА: "Мен COVID-19 менен ооруп калдым, бирок жеңил түрүндө оорудум. Эки жума бою өзүмдү обочодо кармап, үйдөн дарыланып чыктым. ФАПтын фельдшери туура дарылоону дайындады, мен айыгып кеттим, анткени медициналык жардам мага өз убагында көрсөтүлгөн. Менден башка үй-бүлөмдө эч ким ооруган жок. Айыл өкмөтү жарандардын колдоосу менен айылда бардык керектүү дары-дармектердин болушун камсыз кылганынын натыйжасында ушундай жыйынтык болду деп ойлойм".

**Социалдык натыйжалуулугу**

Пандемия шартында эл күч-аракеттерин бириктире алды. Тагдырдын сыноосу ар бир үй-бүлөнүн башына түшүп, жакындарын жоготкондор да болду. Баары колунан келишинче бири-бирине жардам берип, айыл өкмөт башчысы менен тыгыз иштешти. Кыз-Моло айылындагы ФАП башчысы Айнура ТУРДУБАЕВА: "Ошол оор учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун колдоосунун аркасында бардык жумуштарды өз убагында жасап турдум. ФАПка ошол заматта эле антисептиктерди, самын жана тазалоочу каражаттарды, анын ичинде хлорду ж.б. бөлүп беришти. Мындан тышкары ФАПка транспорт бекитип беришти. Андан кийин кычкылтек концентраторун алып келип, анын жардамы менен айылдын беш тургуну аман калышты. Буга кошумча эски лампа көптөн бери иштебей тургандыктан ФАПка кварц лампасы сатылып алынган. 2021-жылы ФАПты оңдоо пландалууда, бул иш аягына чыгат деп ишенем".

**Административдик натыйжалуулугу**

ЖӨБ органдары менен элдин ортосунда өз ара мамиле оңолуп, бири-бирине болгон ишеним арта баштады. Айыл өкмөтүнүн башчысы адатта башка айылда жашайт, бирок ушул оор мезгилде ал күнү-түнү жумуш ордунан жылбай отурду. Ошол эле учурда айыл өкмөттүн аппаратынын кызматкерлери аралыктан иштөөгө жөнөтүлүп, ал айыл өкмөтүндө дайыма жалгыз болгон. ЖӨБ органы элдин салымын баалап, жарандардын пикирин көбүрөөк уга баштады. Ошондуктан 2021-жылдын бюджетин түзүп жатканда айыл тургундарына жергиликтүү ФАПты оңдоо зарылдыгы жөнүндө сунуштар келип түшкөн. Натыйжада ушул максаттарга 2021-жылдын бюджетинде 100 000 сом каралган.

**Экономикалык натыйжалуулугу**

Айыл аймагы дотацияда турат, ошондуктан калктын салымы менен жергиликтүү бюджеттин акчасын үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлүп, алар аймактагы башка социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Мындан тышкары калк көйгөйлөрдү чечүүдө жогорку оперативдүүлүктү көрсөттү. Эгерде биз жергиликтүү бюджеттин эсебинен керектүү шаймандарды жана материалдарды Мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу

алсак, убакыттан уттуруп калмакпыз. Адамдар өлүм менен өмүрдүн ортосунда турган чакта бул өтө чоң мааниге ээ эле.

**ЧЫГЫМДАР**

Жергиликтүү бюджеттен жалпы чыгым 146 075 сомду түздү. Жергиликтүү тургундар чогулткан каражаттын суммасы 100 000 сом болду.

**АЛЫНГАН САБАКТАР: эпидемиядан коргоо – бул сергек жашоо, өз ара жардамдашуу жана айылдагы жакшы ФАПтын болушу**

Целина айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Динара КАЗЫБАЕВА: "Биздин айыл көп улуттуу, бул жерде республиканын башка аймактарынан көчүп келген этникалык кыргыздар бар. Биз өздөштүргөн биринчи жана эң негизги сабак – COVID-19 глобалдык пандемиясына каршы күрөштүн күчү элдин ынтымагында жана биримдигинде экен. Экинчи сабак – ар кандай сыноолорго ар дайым даяр болуп, сергек жашоо образын сактап, бул үчүн Айылдык ден соолук комитеттеринин



түшүндүрүү иштерин күчөтүү керек. Үчүнчү сабак – айылдык ФАП ар дайым иштеп турушу керек экен. ФАП оңдолуп, керектүү каражаттар жана дары-дармектер менен жабдылууга тийиш экен. Ошондуктан жергиликтүү бюджеттен жыл сайын милдеттүү түрдө ФАПтын күнүмдүк ремонтуна каражат бөлүнүп турушу керек жана биз муну муниципалитеттин келечектеги пландарына киргиздик". М

# ЭЛЕТТИКТЕРДИН ҮЙҮНӨ ТАЗА СУУ КЕЛДИ

## Чүй облусунун Москва районуна караштуу Чапаев АА

**Чапаев АА 511 үй кожолугу жашаган үч айылдан турат. Муниципалитет Бишкектен 65 км алыстыкта орун алган. Аймакта 2222 адам, анын ичинде 1200 аял (54%) жашайт. Элдин курамы көп улуттуу, бул айылда 23 улуттун өкүлдөрү жашашат. Жергиликтүү бюджет 6,6 млн. сомду түзөт. Муниципалдык менчикте 23 кыймылсыз мүлк объектиси турат. Алар: АӨ имараты, эки мектеп, эки клуб, ФАП, ҮДТ, эки суу алгыч, бир стадион, эки мончо, ооруакананын имараты.**

**КӨЙГӨЙ: суу менен жабдуу системасы 60 жылдан бери оңдолбой келе жатат**

Ичүүчү суу менен жабдуу системасы Маловодное айылында 1959-жылы, Спартак жана Ак-Сөөк айылдарында 1962-жылы курулган. Ал эми суу түтүгүнүн жалпы узундугу 27 км. Системада капиталдык ремонт иштери 60 жылдан бери жүргүзүлбөй келгендиктен, суу менен жабдуу



системасы дээрлик жараксыз абалга келген. Маловодное айылында суу графикке ылайык бериле баштады: эртең мененден түшкө чейин – айылдын жарымына, түштөн кечке чейин – экинчи жарымына берилет. Ал эми суунун тынымсыз агышын токтотуу максатында иштер жасалганда кээде суу толугу менен келбей калчу. Мындай күндөрү адамдар айылдын четиндеги кудуктан сууну арабага жүктөп алып ташып келүүгө мажбур болчу. Мындан тышкары суу менен камсыздоо системасы каалаган учурда толугу менен иштебей калышы мүмкүн эле.

**ЧЕЧИМ: көп тараптуу салымдар жана баскыч-баскычы менен калыбына келтирүү**

ЖӨБ органынын алдында көп иш турган. Себеби суу менен жабдуу системасын толугу менен калыбына келтирүү эбегейсиз көп акчаны талап кылган эле. Бирок бара-бара акча табыла баштады. Айталы, 2014-жылы Инвестициялар жана жамааттарды өнүктүрүү агенттиги жооп кайтарып, муниципалитетке 370 000 сом бөлүп берди. Жергиликтүү бюджеттен 30 000 сом

кошуп, ЖӨБ органы 80 адамдын катышуусунда чогулуш өткөрүп, анда айылдагы скважинаны калыбына келтирүү иштерин баштоо тууралуу биргелешкен чечим кабыл алынды. Бөлүнгөн каражатка скважинаны тазалап, суу алуучу тосмо орнотулду. 2017-жылы ЖӨБ органы “Ас-Салам” фондунан колдоо таап, аталган фонд 100 000 сом бөлүп берген. Жергиликтүү бюджеттен 60 000 сом, ТСКАКБдан 40 000 сом бөлүнгөн. АКШда иштеп жүрүп, айылынын курч көйгөйүн уккан Эрлан КЕНЖЕБАЕВ аттуу тургундан чоң салым түштү, ал айылына 120 000 сом жөнөткөн.

Чогултулган 320 000 сомго терең насос сатып алынып, бардык бурагычтарды жана клапандарды алмаштырып, суу алуучу имаратты ремонттоп, бардык электр кабелдерин алмаштырып, терең насос үчүн 30 метр түтүк сатып алынган, суу алуучу жайга электр панели орнотулду. Бул иштердин бардыгын айыл тургундары өздөрү жасашты. Жаштардын ичинен он адам жана ТСКАКБнын кызматкерлери 20 күн иштешти. Ошентип, жергиликтүү жамааттын 100 000 сом өлчөмүндөгү эмгек салымы кошулду.

Маловодное айылындагы бул көйгөйдү чечүүнүн ийгиликтүү тажрыйбасы аймактагы Ак-Сөөк жана Спартак айылдары үчүн үлгү болду. Ошентип, 2018-жылы “Ас-Салам” фонду кошумча 600 000 сом бөлүп берди, жергиликтүү бюджеттен 100 000 сом, ТСКАКБдан 40 000 сом бөлүндү. Жалпы суммасы 640 000 сомго узундугу 1460 метр болгон эски темир түтүктөр жаңы желим түтүкчөлөргө алмаштырылып, суу астына жаңы насос орнотулду, суу алуучу жай да оңдолгон. Жумуш жергиликтүү жамааттын эмгек салымынын эсебинен жүргүзүлүп, бул жолу 150 000 сомду түзгөн.

Чапаев айыл аймагынын АӨ башчысы Жеңиш БАЙСУЛДАЕВ: “Биз ушул кезге чейин суу менен жабдуу системасындагы иштердин жалпы көлөмүнөн болгону 5% гана жасай алдык. Дагы аткарыла турган жумуштардын 95% бар, анткени суу менен камсыздоо тармагынын негизги бөлүгүн – эски темир дат баскан түтүктөрдү алмаштырууга туура келет. Бирок азырынча айына 2-3 жолу тармактан суунун агып чыгышын токтотуу менен убара болуп жатабыз. Ошондуктан алакан жайып отуруп калган жерибиз жок, күн сайын бул маселе менен алектенип, кошумча каражат табуу үчүн фонддорго жана долбоорлорго кайрылып жатабыз. 2500 метрлик суу түтүгүн алмаштырууга жардам берүү өтүнүчү менен “Ас-Салам” фондуна кайрылган элек, учурда фонддун өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат”.

**ЖЫЙЫНТЫГЫ: таза суу элеттиктердин үйүнө келе баштады**

Натыйжада бардык үч айылда тең техникалык жана курулуш иштери аяктагандан кийин таза суу күнү-түнү берилип калды. Жашоочулар сууну чака жана фляга менен ташыбай калышты. Көпчүлүк тургундар сууну үйлөрүнө киргизип алышкан, мындан улам кир жуучу машинени, суу жылыткычтарды жана душ орнотууга шарт түзүлдү. Адамдар бириге калып, жардам берүүнү чечишти. Курулуш иштерине акча коротпоо максатында жаштар өздөрү топтолуп, курулушта кимдин тажрыйбасы бар экендигин аныктап, оңдоо иштерин жасап чыгышкан. Көптөгөн жашоочулар кара жумуш жасагандарга ысык тамак жасап берүүнү чечип, 20 күн бою курулушчулар ысык тамак менен камсыз болушту.

**Социалдык натыйжалуулугу**

Спартак айылынын тургуну Марат ЭДИЛБАЕВ: “2017-жылга чейин суу алган жокпуз, сууну аскер шаарчасынан 500 метр алыстыкка чака жана фляга менен ташып жүрдүк. Ушундан улам үй тиричилиги да түйшүктүү эле, эң оор жүк аялдарга жана кары адамдарга түшчү. Ремонт иштеринен кийин суу үзгүлтүксүз берилип, жашоо жакшы жакка өзгөрдү. Эми биздин үйдө кир жуугуч машина иштеп жатат, душ жана мончо бар”.

**Административдик натыйжалуулугу**

ЖӨБ органы жергиликтүү жамаатты мобилизациялоо боюнча, каржылоонун ар кандай булактары менен иштешүү тажрыйбасына ээ болду.

**ЧЫГЫМДАР**

2014-2018-жылдар аралыгында чыгымдар 1 630 000 сомду түздү, анын ичинде АРИСтин салымы 370 000 сом, “Ас-Салам” фондунун салымы 700 000 сом, жергиликтүү бюджеттин салымы 190 000 сом, жергиликтүү тургундун жардамы 120 000 сом, жергиликтүү жамааттын эмгек салымы 250 000 сом болду.

**АЛЫНГАН САБАКТАР: Суу менен жабдуу системасын реконструкциялоо маалымат өнөктүгүнөн башталышы керек**

Долбоор башталып жатканда маалыматтын жоктугунан адамдар долбоорго жигердүү катышууга умтулушкан эмес. Убакыт өткөндөн кийин гана айылдын тургундары долбоордун маңызы эмнеде экендигин түшүнө баштаганда гана аны ишке ашырууга кошулушкан. Ошондуктан кандайдыр бир долбоорду ишке ашыра баштаардан мурун эл бардык окуялардан кабардар болуп турушу үчүн, адамдар алардын катышуусу канчалык маанилүү экенин түшүнүшү үчүн маалыматтык өнөктүк жүргүзүү керек. М